# “Гознак” Жоопкерчилиги чектелген коомунун 2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча отчет

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга карата аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 2-сентябрындагы № 06-1/795 буйругуна ылайык, аудитор З.А. Сатаевдин жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор Б.С. Кулназарова жана Т.Д. Алымолдоев тарабынан “Гознак” Жоопкерчилиги чектелген коомунун 2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата ишине шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси:** бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп “Гознак” Жоопкерчилиги чектелген коому (мындан ары – “Гознак” ЖЧКсы, Коом) болуп саналат.

Коомдун “Катышуучулары”:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Типография” мамлекеттик ишканасы - Уставдык капиталга салымы 65%;
- Подобедов О.В. - 25,35%;
- Давиденко Г.В. - 1,46%;
- Давиденко Н.Г. - 8,19%.

**Аудит субъектисинин милдеттери – “Гознак” ЖЧКсы**

Жүргүзүлүп жаткан аудитке карата “Гознак” ЖЧКсынын башкаруунун аткаруучу органы - Коомдун башкы директору Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык, бардык суралган маалыматтардын, финансылык отчеттуулуктун даярдалышы жана так берилиши, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын сакталышы жана жетекчилик коомдун натыйжалуу иштеши үчүн зарыл деп эсептеген ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчилик тартат.

Аудит мезгил аралыгында Коомдун ишине жетекчиликти бир орун басары бар Коомдун башкы директору жүзөгө ашырган.

Коомдогу финансылык документтерге биринчи кол коюу укугу аудит мезгил аралыгында: 26.04.2018-жылдан 06.10.2021-жылга чейин Коомдун башкы директору Ж.Ж. Галдыбаевге, 16.12.2021-жылдан азыркы учурга чейин Ж.К. Жамангуловго жана Коомдун башкы директорунун орун басары О.В. Подобедовго бардык аудиттелген мезгил үчүн таандык болгон.

Экинчи кол коюу укугу Коомдун башкы бухгалтери О.А. Космынинага бүткүл аудиттелген мезгил үчүн берилген.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Аудитордун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде, “Гознак” ЖЧКсынын ишмердүүлүгү, анын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук

актылардын талаптарына шайкеш келери жөнүндө акылга сыярлык ишеним алуу болуп саналат.

Акылга сыярлык ишеним - бул жогорку деңгээлдеги ишеним, бирок ISSAI 400 жана ISSAI 1400 ылайык жүргүзүлгөн аудит, ар дайым болгон олуттуу карама-каршылыктарды аныктай алат деген кепилдик эмес.

Карама-каршылыктар абийирсиз иш-аракеттердин же катанын натыйжасы болушу мүмкүн. Ак ниетсиз аракеттерге жасалмачылык, маалыматтарды атайылап чагылдырбоо же туура эмес берүү же ички контролдоо тутумун айланып өтүү аракеттери кириши мүмкүн.

Аудит, аудиттин корутундусун колдоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылуучу жол-жоболор аудитти жүргүзгөн адамдардын кесиптик чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу туура келбегендик тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудит, жүргүзүлүп жаткан аудиттин жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейт жана чогултулган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган тыянактардын негизин камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудиттин предмети**

“Гознак” ЖЧКсынын иши

Жогоруда белгиленген убакыт аралыгында аудиттин көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар төмөнкүлөр болду:

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы отчетун, сунуштамаларын аткаруу боюнча маалыматты, аудит субъектисинин тышкы чөйрөсүн; “Гознак” ЖЧКсынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны (устав, Эсеп саясаты ж.б.); ички контролдоо системасын изилдөө;
2. Маанилүүлүк деңгээлин аныктоо;
3. “Гознак” ЖЧКсынын кызматкерлеринин (башкы директордун орун басары, башкы бухгалтер, өндүрүш боюнча менеджерлер) интервьюсу;
4. Ченемдик укуктук актыларды, локалдык актыларды жана аудитке жеткиликтүү болгон башка отчетторду изилдөөнүн натыйжалары боюнча аудиттин багыттарын аныктоо;
5. Аудиттин белгилүү бир көлөмүнө жараша убакыттын бюджетин түзүү;
6. Текшерүү, далилдерди чогултуу.

Аудиттин критерийлери:

- Коомдун Уставы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салык Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” 03.04.2015-жылдагы №72 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон

чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби);

- Коомдун Эсеп саясаты;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Башка ички жоболор, Коомдун буйруктары.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негиз салуучу принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, негизинен, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык туура келүсүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле, “Гознак” ЖЧКсынын иши бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Аудит тарабынан “Гознак” ЖЧКсынын ишине тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук иликтенди.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык, аудит үчүн берилген документтердин, маалыматтардын жана материалдардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти “Гознак” ЖЧКсынын жетекчилиги жана кызмат адамдары тартат.

**Жыйынтык: эскертүү менен пикир**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында, “Гознак” ЖЧКсынын аудиттелген мезгил ичиндеги иши биздин корутундуда баяндалган аудиттин тиешелүү критерийлерине олуттуу аспектилерде ылайык келбегендиги аныкталган.

Корутундулар биздин аудитордук корутундуга чейин алынган аудитордук далилдерге негизделген. Бирок, келечектеги окуялар же шарттар Коомдун өз ишин үзгүлтүксүз улантуу мүмкүнчүлүгүнүн жоготушуна алып келиши мүмкүн.

**Мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча сунуштамалардын жана жазма буйруктардын аткарылышы жөнүндө маалымат**

2018-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Гознак” ЖЧКсынын ишинин натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу

боюнча фондуна жиберилген сунуштама (21.12.2020-ж. № 01-23/217) толугу менен аткарылган.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү (уюштуруу документтерин талдоо)**

**Аныкталды:**

“Гознак” ЖЧКсын түзүү (пайда болуу) боюнча маселелер мурдагы аудиттер тарабынан изилденген жана аудиттердин актыларында жана отчетторунда көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 19.07.2010-жылдагы №100 Декретине ылайык, “SK Finans» ЖАКына таандык болгон 65% үлүш мамлекеттештирилген, бул катышуучулардын Уставдык капиталынын 35 378,4 миң сом өлчөмүндөгү жалпы суммасынан “Континент Принт” ЖЧКсынын Уставдык капиталына 29 043,7 миң сомду түзөт.

Өз убагында “Континент Принт” ЖЧКсынын Уставдык капиталына бул сумма акчалай, ошондой эле мүлктүк формада киргизилген эмес жана Коомдун (“Континент Принт” ЖЧКсынын укук мураскери) бухгалтердик балансына ылайык, 31.12.2019-жылга карата уюштуруучулардын Уставдык капиталга салымдары боюнча 25 378,4 миң сом суммасындагы дебитордук карызы бар.

Ошентип, “Гознак” ЖЧКсы “Континент Принт” ЖЧКсынын укук мураскери болуп саналат. “Гознак” ЖЧКсы анын катышуучулары тарабынан ишкердик иш-аракети биргелешип жүргүзүү үчүн уюштурулган, анын негизги максаты киреше алуу (Коомдун уставы) болуп саналат.

Өз ишин камсыз кылуу үчүн “Гознак” ЖЧКсы катышуучулардын салымдарынын эсебинен 39 043 662 сом өлчөмүндө Уставдык капиталды түзгөн.

Коомдун Уставдык капиталына салымдар катышуучулар тарабынан мүлктүк формада жана Кыргыз Республикасынын улуттук валютасындагы акча каражаттары түрүндө – сом менен же катышуучулардын тиешелүү үлүштөрүнө эквиваленттүү өлчөмдөрдө жана уюштуруу келишиминде көрсөтүлгөн шарттарда чет өлкөлүк валютада салынууга тийиш (Уставдын 5.3.-пункуту).

“Гознак” Жоопкерчилиги чектелген коомунун Уставдык капиталындагы үлүшүн Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду (мындан ары - Фонд) менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын алдындагы “Типография” мамлкеттик ишканасынын (мындан ары – “Типография” МИ) ортосунда түзүлгөн 2021-жылдын 27-августундагы Макулдашууга ылайык, “Гознак” ЖЧКсынын Уставдык капиталындагы үлүштүн 65%ы Фонд тарабынан “Типография” МИна өткөрүлүп берилген.

Коомдун Уставдык капиталындагы 65% үлүштү уюштуруучулардын бири – Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду өткөрүп берген учурда 25 378 380 сом суммасындагы Уставдык капиталга салым төлөнгөн эмес.

“Гознак” ЖЧКсынын Уставынын “Коомдун катышуучусунун үлүшүнүн өтүшү” деген 8-бөлүмүнүн 8.1.-пункутуна ылайык, Коомдун катышуучусу Коомдун Уставдык капиталындагы жана мүлкүндөгү өзүнүн үлүшүн же бөлүгүн сатууга же башкача жол менен берүүгө укуктуу. Катышуучулар Уставдык капиталга өз салымын толук кошконго чейин, бул Катышуучу өзүнүн Уставдык капиталга кошкон салымы төлөнгөн бөлүктөгү гана өз үлүшүн ээликтен ажырата алат.

Ошентип, Коомдун Уставдык капиталындагы үлүштү өткөрүп берүү Фонд тарабынан Коомдун Уставынын 8.1.-пункутунун талаптарын бузуу менен жүргүзүлгөн.

Коомдун жаңы бекитилген Уставына ылайык, аудит мезгил аралыгы үчүн Коомдун катышуучуларынын үлүштөрү мурдагы өлчөмдөрдө калган жана алардын салымдарына пропорциялуу болуп саналат. Алар акчалай түрүндө төмөнкүдөй эсептелет: “Типография” МИ - Коомдун уставдык капиталына 65% салым, бул 25 378 380 сомду түзгөн; Подобедов Олег Владимирович - 25,35% салым же 9 897 568 сом; Давиденко Геннадий Валерьевич – 1,46% салым же 570 037 сом; Давиденко Наталья Геннадьевна – 8,19% салым же 3 197 675 сом.

Коомдун катышуучуларынын ортосунда 06.10.2021-жылдагы Уюштуруу келишими түзүлгөн, анда ишмердиктин предмети жана түрлөрү, юридикалык статусу, ошондой эле Коомдун катышуучуларынын укуктары жана милдеттери көрсөтүлгөн.

Коомдун Уставы уюштуруучулардын 2021-жылдын 6-октябрындагы №13/1 чечими менен бекитилген. Коомдун Уставына ылайык, Коомдун ишинин негизги түрү болуп полиграфиялык продукцияларды (гезиттерден тышкары) басып чыгаруу эсептелет.

Коомду башкаруунун жогорку органы болуп Катышуучулардын жалпы чогулушу эсептелет, ал “Катышуучулардын жалпы чогулушу” деген 11-бөлүмдүн 11.1.-пункутунда көрсөтүлгөн айрым маселелерге карата өзгөчө компетенцияга ээ, алардын бири да Коомду башкаруунун башка органдарына чечүү үчүн берилиши мүмкүн эмес.

Коомдун аткаруучу органы болуп, анын ишине учурдагы жетекчиликти жүзөгө ашырган, Коомдун башкы директору эсептелинет.

Башкы директордун бир орун басары бар.

**Корутунду:**

Фонд менен “Типография” мамлекеттик ишканасынын ортосунда түзүлгөн, “Гознак” ЖЧКсынын Уставдык капиталындагы үлүштү өткөрүп берүү жөнүндө 2021-жылдын 27-августундагы Макулдашууга ылайык, “Гознак” ЖЧКсынын Уставдык капиталындагы үлүштүн 65%ын Фонд “Типография” мамлекеттик ишканасына өткөрүп берген.

Коомдун Уставдык капиталындагы 65% үлүштү өткөрүп берүү учурунда Фонд тарабынан Уставдык капиталга 25 378 380 сом суммасындагы салым төлөнгөн эмес.

Демек, Коомдун катышуучусу Коомдун Уставдык капиталындагы жана мүлкүндөгү өз үлүшүн же бөлүгүн сатууга же башкача жол менен берүүгө укуктуу болгон учурда, Коомдун Уставдык капиталындагы үлүштү өткөрүп берүү Фонд тарабынан, Коомдун Уставынын 8-бөлүмүнүн 8.1.-пункутунун талаптарын бузуу менен жүргүзүлгөн. Катышуучулар Уставдык капиталга өз салымын толук кошконго чейин, бул Катышуучу өзүнүн уставдык капиталга кошкон салымы төлөнгөн бөлүктөгү гана өз үлүшүн ээликтен ажырата алат.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын алдындагы "Типография" мамлекеттик ишканасы Коомдун Уставдык капиталына салым кошуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин ченемдерин (130-берененин 3-пункуту) жана Коомдун Уставынын талаптарын (8-бөлүмдүн 8.1.-пункуту) аткарууну камсыз кылсын.

**"Гознак" ЖЧКсынын бекитилген бюджетин аткаруунун жана өнүктүрүүнүн ички контролдоо системасын талдоо**

**Аныкталды жана Корутунду**

Берилген документтерди, уюштуруу түзүмүн, финансылык отчетторду, финансылык натыйжаларды иликтөө менен Коомдун башкаруу органдарынын (Катышуучулардын жалпы чогулушунун жана Коомдун башкаруунун аткаруучу органынын – Коомдун башкы директорунун) натыйжасыз иши белгиленген. Алсак, Коомдун башкаруу органдары тарабынан Коомду өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу жана бекитүү камсыз кылынган эмес. Туура иштелип чыккан өнүгүү стратегиясы, ар кандай компанияга анын ишинин алкагында, максималдуу көрсөткүчтөргө жетишүүгө багытталган иш-аракеттер планын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле учурдагы иштин натыйжалуулугун, өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн, өз убагында жана негиздүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берүүчү тийиштүү башкаруу эсеби уюштурулган эмес. Аткаруучу орган – Коомдун башкы директору тарабынан мүмкүнчүлүктөргө жетишүү жана коркунучтарды жоюу үчүн күчтүү жана алсыз жактарын пайдалануу боюнча, негизги көрсөткүчтөрдү жана конкреттүү иш-чараларды аныктоо менен Коомдун потенциалын пайдаланууга талдоо жүргүзүлгөн эмес. Коомдун көз карашы, максаты жана миссиясы боюнча так билдирүү жок.

Аудит мезгил аралыгында Коомдун бюджети бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

1. Коомду өнүктүрүүнүн стратегиялык планы иштелип чыксын;
2. Дароо чечүүнү талап кылган көйгөйлөрдүн жана милдеттердин тизмесин түзүү, ошондой эле жакынкы жылга Коомдун өнүгүүсүн аныктоочу негизги факторлорду түзүү менен деталдаштырылган жылдык планы иштелип чыксын.
3. Иштелип чыккан жылдык өнүктүрүү планын эске алуу менен Коомдун реалдуу бюджетин түзүү боюнча чаралар көрүлсүн.

4. Натыйжалуу башкаруу эсебин уюштуруу аркылуу Коомдун бюджетин натыйжалуу башкарууну камсыз кылынсын.

5. Коомдун ишмердигин натыйжасыз башкарууга жол берген Коомдун башкы директорунун жоопкерчилиги каралсын.

**Кирешенин түзүлүшүнө, чыгымдардын ишенимдүүлүгүнө аудит. Пайданын/чыгымдардын түзүлүшүнүн тууралыгына аудит**

**Аныкталды:**

Коомдун кирешесинин негизги булагы болуп полиграфиялык продукцияларды (гезиттерден тышкары) басып чыгаруу кызматын көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер саналат.

**2020-жыл**

2020-жылы операциялык иштен түшкөн киреше 66 724,6 миң сомду түзгөн. Кирешелердин негизги үлүшүн 58 618,0 миң сом суммасында мамлекеттик органдардын заказдарын аткаруудан түшкөн кирешелер түзгөн.

Алсак, 2020-жылы мамлекеттик органдардын заказдары боюнча төмөндөгүдөй кызматтарды көрсөткөн:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаменти (мындан ары – КЖААКД) менен “Гознак” ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн, жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн бланктарын даярдоого 2017-жылдын 30-ноябрындагы № 89 (мындан ары - № 89 Келишим) келишим менен 12 872,8 миң сомго;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаменти (мындан ары – КЖААКД) менен “Гознак” ЖЧКсынын ортосунда 12 872,8 миң сомго жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн бланктарын даярдоого 2017-жылдын 30-ноябрындагы № 89 (мындан ары - № 89 Келишим) келишими;
- 2017-жылдын 30-ноябрындагы № 89 жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн бланктарын даярдоо боюнча келишимине карата 2018-жылдын 5-мартындагы № 2/26 Кошумча макулдашуусу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы “Унаа” мамлекеттик ишканасы (мындан ары – “Унаа” МИ) менен “Гознак” ЖЧКсынын ортосунда 43 492,7 миң сомго мамлекеттик маанидеги документтердин бланктарын жана атайын мамлекеттик бланктарды даярдоо боюнча 2019-жылдын 14-июнундагы № 22 (мындан ары - № 22 Келишими) келишими түзүлгөн (№ 22 Келишимдин жалпы суммасы – 174 348,0 миң сом. Бул келишимдеги баалардын таблицасына ылайык, транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн бир бланкынын наркы 192 сомду, техникалык талондун бир бланкы жана техникалык паспорту 43 сомдон түзгөн).

Көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акы төлөө бөлүгүндө, жогоруда көрсөтүлгөн келишимдердин шарттарын иликтөөдө № 89 Келишими боюнча "Төлөм" деген 9.1.-пункутта төмөнкүлөр белгиленген: *"Аткаруучуга төлөм Өтүнмө ээси тарабынан Аткаруучунун көрсөтүлгөн эсептешүү эсебине банк мекемелери аркылуу акча каражаттарын которуу жолу менен жүзөгө ашырылат"*. Бирок, келишимде "Өтүнмө ээси" деген сөздүн мааниси аныкталган эмес. Чындыгында, № 89 Келишимдин тараптары тарабынан "Өтүнмө ээси" деген сөздүн мааниси, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматынын тутуму боюнча мамлекеттик кызматтарды алуучу жеке жактар катары түшүндүрүлгөн. Натыйжада, Аткаруучу – "Гознак" ЖЧКсы тарабынан даярдалган продукция көздөгөн жерине жеткирилип, бирок Заказчыга - КЖААКДга берилген даяр продукциянын суммасына эсеп-фактура жазылып берилген эмес.

Ошентип, "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-пункутунун, 3-беренесинин 1-пункутунун, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин "Киреше пайда болгон күн" 192-беренесинин талаптарын бузуу менен Коом тарабынан № 89 Келишим түзүлгөн учурдан тартып, кирешелер кызмат көрсөтүү мезгилинде эмес, акча каражаттары келип түшкөн учурда (кассалык ыкма боюнча) таанылган.

№ 89 Келишимин аткаруу боюнча берилген маалыматтардан 01.01.2020-жылга карата кызмат көрсөтүлгөн учурда кирешелер таанылбагандыктан улам, 4392,6 миң сом суммасында жашырылган дебитордук карыз аныкталган. Алсак, № 89 Келишими боюнча милдеттенмелерди аткаруунун алкагында, Коом тарабынан КЖААКДга 84 834,6 миң сомго жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн бланктары берилген. 01.01.2020-жылга карата көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акы төлөө эсебине (жеке жактардан, кызмат алуучулардан) 80 442,0 миң сом түшкөн. Мында "Гознак" ЖЧКсы тарабынан даярдалган салыштыруу актысына заказчы – КЖААКД тарабынан туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн жараксыз бланктарын алмаштырууга пайдаланылган так отчеттук бланктардын суммасына дебитордук карызды азайтуу укугуна шилтеме берүү менен кол коюлган эмес. Коом тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн дебитордук карыздын ордун толтуруу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин алкагында - КЖААКД тарабынан "Гознак" ЖЧКсына 2018-жылдын 5-мартындагы №2/26 Кошумча макулдашуунун шарттарына шилтеме берүү менен, карызды азайтууга 3 374,7 миң сом берилген. Бул Кошумча макулдашуунун 1 жана 2-пункттарында: *"1. Аткаруучу жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн 2017-жылдын үлгүсүндөгү бланктарын 2011-2012-жылдардын үлгүсүндөгү жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү алмаштыруу үчүн төлөөсүз негизде даярдап, Заказчыга берүүгө милдеттенет. 2. Бланктарды даярдоо Аткаруучу тарабынан Заказчынын заказы боюнча жүзөгө ашырылат жана продукцияны кабыл алуу актысында туулгандыгы тууралуу жараксыз күбөлүктөрдү алмаштыруу*

*жөнүндө маалыматтын көрсөтүлүшүн эске алуу менен көрсөтүлөт”* деп каралган.

Жогоруда айтылгандардан улам, мурда берилген жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү алмаштыруу үчүн, “Гознак” ЖЧКсы тарабынан төлөөсүз кызмат көрсөтүү шарттары Коомдун Уставынын 1-бөлүмүнүн 1-пункутуна карама-каршы келет, анткени, Коом өзүнүн Ишкердик иш-аракетин киреше табуунун негизги максаты менен жүргүзөт. Мындан тышкары, төлөөсүз кызмат көрсөтүүнүн натыйжасында (бул учурда көрсөтүлгөн сумма - 3 374,7 миң сом) пайда азаят же чыгым көбөйөт, бул Коомдун бюджети үчүн зыян болуп саналат. Ошондой эле, алмаштыруу талап кылынган *“2011-2012-жж. үлгүсүндөгү жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөр”* “Гознак” ЖЧКсы тарабынан даярдалбагандыгына көңүл буруу зарыл. Буга байланыштуу, “Гознак” ЖЧКсынын аларды төлөөсүз алмаштыруу боюнча милдеттенмеси жок. Демек, *“2011-2012-жылдардын үлгүсүндөгү жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү”* алмаштыруу, тийиштүү келишимдин шарттарына жана/же Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин талаптарына ылайык (1-берене), жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү даярдаган башка Тарап аркылуу жүргүзүлүшү керек эле.

Мындан тышкары, даярдоочу – “Гознак” ЖЧКсындан 2017-жылдын үлгүсүндөгү туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн бланктарын кабыл алууда, Кошумча макулдашуунун шарттарына ылайык, алмаштырылуучу жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөр жөнүндө маалымат берилген эмес, бул дагы дебитордук карызды азайтуу эсебине 3 374,7 миң сомду чегерүү мүмкүн эместигин көрсөтөт.

Ошондой эле, КЖААКД тарабынан туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн Минск конвенциясына ылайык, төлөөсүз берилген бланктарын эсепке киргизүү үчүн 416,2 миң сом коюлган (КЖААКДнын түшүндүрмөлөрүнө ылайык). Бирок, келишимде мындай шарттар каралган эмес, бул дебитордук карызды азайтуу үчүн эсепке алынган сумма негизсиз экенин көрсөтөт.

Туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн бланктары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 29-майындагы №350 “Кыргыз Республикасынын персонификациялаштырылган документтеринин Мамлекеттик реестри жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасында колдонуудагы мамлекеттик маанидеги документтердин жана атайын мамлекеттик бланктардын тизмесин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, мамлекеттик маанидеги документтердин тизмесине жана Кыргыз Республикасынын персонификациялаштырылган документтеринин Мамлекеттик реестри жөнүндө Жобого ылайык киргизилген, персонификациялаштырылган документтердин мамлекеттик реестрин тейлөөнүн атайын тартиби белгиленген. Мындан тышкары, “Жарандык абалдын актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын “Жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо” 6-беренесине ылайык, жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн

бланктары (анын ичинде туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн бланктары) гербдүү кагазда типографиялык ыкма менен аткарылат, так отчеттуулуктагы документ болуп саналат; мындай ар бир бланктын сериясы жана номери болот. Жогоруда аталган Мыйзамдын 9-беренесинде жарандык абалдын актыларын каттоо жөнүндө күбөлүктөрдү кайра берүүнүн тартиби каралган.

Ошентип, туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн бланктары үчүн Өтүнмө ээлеринен 4 392,6 миң сомго акы төлөнбөгөндүгү, КЖААКДа бул бланктардын калдыктары жок болгондугу, ошондой эле КЖААКД тарабынан туулгандыгы тууралуу жараксыз күбөлүктөрдү алмаштырууну ырастаган документтердин берилбегендиги, алмаштырууда туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү негизсиз берүү (туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү кайталап берүү) тобокелдигин жокко чыгарбайт.

Башка заказдар боюнча Коомдун кирешеси 2020-жылга 8 106,6 миң сомду же операциялык иш боюнча түшкөн акчанын жалпы көлөмүнүн 12,1%ын түзгөн.

Финансылык-чарбалык иштин жыйынтыгы жөнүндө отчетко ылайык, товарларды, кызматтарды сатуунун өздүк наркы 35 352,3 миң сомду түзгөн (33 602,9 миң сом - көрсөтүлгөн кызматтардын өздүк наркы; 2 229,2 миң сом - башка сатуудан өздүк наркы).

7600 эсеби боюнча эсепке алынган продукциянын өздүк наркына тиешеси бар башка чыгашалар 9 378,8 миң сомду түзгөн. Анын ичинде, өндүрүштүк персоналдын эмгек акысы жана КР Социалдык фондуна чегерүүлөр боюнча чыгымдары тиешелүү түрдө 5 860,9 миң сомду жана 1 023,5 миң сомду түзгөн. Башка чыгымдарга ошондой эле: жайларды ижарага берүү боюнча чыгымдар 600,7 миң сом суммасында жана электр энергиясын керектөө үчүн акы төлөө боюнча чыгымдар 609,8 миң сом суммасында кирген.

Жалпы административдик чыгашалар (8000 эсеби) 2020-жылга 5 569,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен эмгек акы жана КР Социалдык фондуна чегерүүлөр боюнча чыгашалар 5 448,7 миң сомду түзгөн.

Заемдук каражаттарды пайдалануу үчүн пайыздар түрүндөгү чыгашалар 11 323,2 миң сомду түзгөн, алар “Континент” ЖЧКсынын кредити боюнча негизсиз чегерилген. Аудиттин жүрүшүндө кошуп эсептелген пайыздар боюнча чыгашалар кайра эсептелди, анын натыйжасында “Континент” ЖЧКсынын кредити боюнча пайыздар боюнча чыгашалар 231,6 миң сомду түзгөн.

Курстук айырма боюнча чыгашалар (оң жана терс курстук айырманын ортосундагы салыштырылган сальдо) 25 410,8 миң сомду түзгөн, “Континент” ЖЧКсынын заемдук каражаттары боюнча курстук айырманы кайра эсептөөнүн жыйынтыгы боюнча курстук айырманын суммасы 638,2 миң сомго азайтылган.

Ошентип, “Континент” ЖЧКсына болгон негизги карыздын суммасын негизсиз жогорулатуунун натыйжасында, 2020-жыл үчүн Коомдун чыгымдары негизсиз 11 729,8 миң сомго көбөйтүлгөн, бул Коомдун

чыгымынын көрсөтүлгөн суммага көбөйүшүнө жана Коомдун финансылык абалын чагылдырган финансылык отчеттун бурмаланышына алып келген.

**2021 жыл**

2021-жылы операциялык иштен түшкөн киреше 86 303,0 миң сомду түзгөн. Кирешелердин негизги үлүшүн 73 938,8 миң сом суммасында мамлекеттик органдардын заказдарын аткаруудан түшкөн кирешелер түзгөн. Анын ичинде кирешелер төмөнкү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн:

- 2019-жылдын 14-июнунандагы № 22 “Унаа” МИ менен “Гознак” ЖЧКсынын ортосундагы мамлекеттик маанидеги документтердин бланктарын жана атайын мамлекеттик бланктарды даярдоого карата түзүлгөн келишим (№ 22 келишимдин жалпы суммасы - 274 348,0 миң сомду түзгөн. Бул келишимдеги баалардын таблицасына ылайык, транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн бир бланкынын наркы 192 сомду, техникалык талондун бир бланкынын жана техникалык паспорттун баасы 43 сомдон түзгөн).

- 2021-жылдын 29-декабрындагы № 61 КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Унаа” мамлекеттик ишканасы менен “Гознак” ЖЧКсынын ортосундагы мамлекеттик маанидеги документтердин бланктарын жана атайын мамлекеттик бланктарды даярдоого (№61 келишимдин жалпы суммасы – 428 400 миң сом) түзүлгөн келишим. Бул келишимдеги баалардын таблицасына ылайык, транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн бир бланкынын наркы 252 сомду түзгөн. № 22 жана 61 келишимдери боюнча аткарылган заказдардын жалпы суммасы - 63 650,8 миң сомду түзгөн.

- 2021-жылдын 20-октябрында Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен “Гознак” ЖЧКсынын ортосунда 366 000,0 миң сомго 2 жылдык мөөнөткө түзүлгөн алкоголдук, тамеки продукцияларына атайын мамлекеттик бланктарды - акциздик маркаларды даярдоо жана аларды Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жеткирүү боюнча кызматтарды жеткирүүгө келишим түзүлгөн. Акциздик марканын баасы: алкоголдук продукцияга 1000 даанага 1580 сом жана тамеки продукциясына 1000 даанага 416 сом болгон.

2021-жылы акциздик марканы (тамеки продукциясына гана) даярдоо боюнча көрсөтүлгөн кызматтардын (салыктарды эсепке албаганда) наркы 19 470 000 даанага 7 214,3 миң сомду түзгөн.

Продукциянын өздүк наркына таандык чыгымдардын суммасы 21 495,5 миң сомду түзгөн. Башка операциялык чыгашалар – 11 128,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен негизги үлүштү эмгек акы жана КР Социалдык фондуна чегерүүлөр боюнча чыгашалар түзгөн – 7 341,4 миң сом (65,9%); амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы – 1 269,1 миң сомду түзгөн; ижара акысын төлөө боюнча чыгашалар – 994,4 миң сомду; башка чыгашалар – 1 222,5 миң сомду түзгөн.

Жалпы жана административдик чыгашалар 4 912,0 миң сомду түзгөн, анын ичинде 4 730,5 миң сом – эмгек акы жана КР Социалдык фондуна чегерүүлөр боюнча чыгашалар.

“Континент” ЖЧКсынын кредити боюнча карыздын негизги суммасы жок болгон учурда 10 766,9 миң сом суммасында пайыздар боюнча чыгашалар чегерилген (2019-жылы кошумча макулдашууга кол коюуда негизги карыздын суммасын негизсиз жогорулатуунун натыйжасында), бул жогоруда көрсөтүлгөн сумманы кредиторго – “Континент” ЖЧКсына негизсиз төлөөгө алып келген. Натыйжада, 2021-жылы Коомдун финансылык-чарбалык ишинин жыйынтыгы боюнча бухгалтердик эсеп боюнча пайда 39 400,5 миң сом суммасында аныкталып, 10 766,9 миң сомго азайтылган.

**2022-жылдын финансылык көрсөткүчтөрү**

2022-жылы операциялык иштен түшкөн киреше 192 984,9 миң сомду түзгөн. Кирешелердин негизги үлүшүн мурдагы жылдардагыдай эле 182 490,5 миң сом суммасында мамлекеттик органдардын заказдарын аткаруудан түшкөн кирешелер түзгөн.

Анын ичинде, 88 228,2 миң сом алкоголдук, тамеки продукцияларына атайын мамлекеттик бланктарды - акциздик маркаларды даярдоо жана аларды Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр боюнча 2021-жылдын 20-октябрында Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен “Гознак” ЖЧКсынын ортосунда 366 000,0 миң сомго 2 жылдык мөөнөткө түзүлгөн кошумча келишим боюнча түшкөн. Акциздик марканын баасы: алкоголдук продукцияга 1000 даанага 1580 сом жана тамеки продукциясына 1000 даанага 415 сом болгон.

“Унаа” МИ менен түзүлгөн келишимдин алкагында жумуш аткаруу боюнча кирешелер (№ 22 жана №61 келишимдери боюнча) 83 299,0 миң сомду түзгөн.

Кызмат көрсөтүүлөрдө сатуунун өздүк наркы 66 827,5 миң сомду түзгөн.

Сатып өткөрүү боюнча чыгашалар катары классификацияланган башка операциялык чыгашалар 45 876,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен негизги үлүштү амортизациялык чегерүүлөргө чыгашалар 17 373,7 миң сом суммасында (37,9%) жана жалпы административдик чыгашалар 8 419,9 миң сом суммасында (18,3%) түзгөн.

Карызга алынган каражаттар боюнча пайыздарды кошуп эсептөө боюнча чыгашалар 17 094,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен 6 420,9 миң сом “Континент” ЖЧКсына пайыздык чыгашалар болуп саналат, анткени пайыздар боюнча чыгашалар карыздын негизги суммасы жок болгон учурда (Кошумча Макулдашууну түзүүдө карыздын негизги суммасын негизсиз жогорулатуудан улам) чегерилген.

№2 Форма отчету боюнча (кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчет) 2022-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча Коомдун пайдасы (пайдага салыкты эсептөөгө чейин) 64 673,3 миң сом суммасында аныкталган, негизсиз чегерилген пайыздардын суммасына – 6 420,9 миң сомго азайтылган.

2021-2022-жылдар үчүн финансылык-чарбалык иштин жыйынтыгы боюнча коомдун 104,1 млн. сом суммасындагы пайдасынын негизги бөлүгү кредитордук карызды жабууга багытталгандыгын белгилей кетүү зарыл.

Аткаруучу орган - башкы директор (Ж.К. Жамангулов) жана Коомдун башкы директорунун орун басары (О.В Подобедов) тарабынан алынган пайданын негизги бөлүгү (О.В. Подобедовдун контролдугу менен) “Континент” ЖЧКсынын кредити боюнча кредитордук карызды жабууга багытталган. 2020-2022-жылдарга “Континент” ЖЧКсынын алдындагы кредитордук карызды жабууга баардыгы болуп 90,9 млн сом, анын ичинде 21,8 млн сом 2022-жылы “Айыл банк” ААКсынан алынган кредиттик каражаттардын эсебинен багытталган.

“Континент” ЖЧКсынын алдында негизги карыздын суммасын 663 288,09 АКШ долларына көбөйтүүнүн натыйжасында 2019-жылдын декабрынан тартып кредиттик каражаттарды пайдалангандыгы үчүн негизсиз пайыздар (жогорулатылган), ошондой эле курстук айырмачылыктардан улам кирешелер/чыгашалар таанылган.

Аудит тарабынан 01.01.2020-жылдан тартып 31.12.2022-жылга чейинки мезгил ичинде кредиттик каражаттарды пайдалануу үчүн пайыздарды кайра эсептөө жүргүзүлгөн, ошондой эле курстук айырмачылыктарды кайра эсептөө жүргүзүлгөн.

Негизсиз пайыздык чыгашаларды эсептөөнүн натыйжасында “Континент” ЖЧКсынын кредити боюнча кредитордук карызды жабуунун алкагында 29,0 млн сом негизсиз төлөнгөн, бул өз кезегинде “Гознак” ЖЧКсынын пайдасынын азайышына, демек, көрсөтүлгөн мезгилдер үчүн Коомдун финансылык абалынын бурмаланышына алып келген.

**Корутунду:**

01.01.2020-жылга карата кирешелерди кызмат көрсөтүүнүн учурунда эсепке киргизбегендиктен пайда болгон 4 392,6 миң сом суммасында жашырылган дебитордук карыз аныкталган жана ал эсепте чагылдырылган эмес. Алсак, № 89 келишими боюнча милдеттенмелерди аткаруунун алкагында, Коом тарабынан жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн 84 834,6 миң сомго бланктары берилген. 01.01.2020-жылга карата көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акы төлөө эсебине (жеке жактардан, кызмат алуучулардан) 80 442,0 миң сом түшкөн.

“Гознак"” ЖЧКсы тарабынан, КЖААКДга мурда берилген жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү алмаштыруу үчүн төлөөсүз кызмат көрсөтүү жөнүндө 2018-жылдын 5-мартындагы №2/26 кошумча макулдашуунун шарттары Коомдун Уставынын 1-бөлүмүнүн 1.1.-пункутуна карама-каршы келген, анткени, Коом өзүнүн ишкердик иш-аракетин киреше табуунун негизги максаты менен жүргүзөт. Мындан тышкары, төлөөсүз кызмат көрсөтүүнүн натыйжасында (бул учурда көрсөтүлгөн сумма - 3 374,7 миң сом) пайда азаят же чыгым көбөйөт, бул Коомдун бюджети үчүн зыян болуп саналат. Ошондой эле, алмаштыруу талап кылынган *“2011-2012-жж. үлгүсүндөгү жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөр”* “Гознак” ЖЧКсы

тарабынан даярдалбагандыгына көңүл буруу зарыл. Буга байланыштуу, “Гознак” ЖЧКсынын аларды төлөөсүз алмаштыруу боюнча милдеттенмеси жок. Демек, *“2011-2012-жылдардын үлгүсүндөгү жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү”* алмаштыруу, тийиштүү келишимдин шарттарына жана/же Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин (1-берене) талаптарына ылайык, жараксыз туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү даярдаган башка Тарап аркылуу жүргүзүлүшү керек эле.

Туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн бланктары үчүн Өтүнмө ээлеринен 4 392,5 миң сомго акы төлөнбөгөндүгү, бул бланктардын КЖААКДда бул бланктардын калдыктары жок болгондугу, ошондой эле КЖААКД тарабынан туулгандыгы тууралуу жараксыз күбөлүктөрдү алмаштырууну ырастаган документтердин берилбегендиги, алмаштырууда туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү негизсиз берүү (туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү кайталап берүү) тобокелдигин жокко чыгарбайт.

Негизсиз пайыздык чыгашаларды эсептөөнүн натыйжасында “Континент” ЖЧКсынын кредити боюнча 29,0 млн.сом негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

1. Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын талаптарына ылайык, “бөлүштүрүлбөгөн/топтолгон пайданын” эсебин оңдоо менен 4 392,6 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карызды эсепке алуу менен калыбына келтирилсин.

2. Төмөндөгү масалелер боюнча чаралар көрүлсүн:

а) максималдуу киреше алуу үчүн Коомдун өндүрүштүк потенциалын натыйжалуу пайдалануу;

б) Коомдун чыгымдарын оптималдаштыруу;

в) Коомдун кирешесин натыйжалуу пайдалануу жана Коомдун ишкер активдүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу жолу менен өндүрүштү кеңейтүү.

3. *Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине* укуктук баа берүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаментине туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн бланктарын (жараксыз деп табылган) 4 392,6 миң сомго төлөөсүз өткөрүп берүү боюнча (№89 келишим жана №89 келишимге карата кошумча макулдашуу) маалымат жөнөтүлсүн.

**Негизги каражаттарды жана товардык материалдык баалуулуктарды пайдалануу аудити**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Негизги каражаттардын баланстык наркы 01.01.2020-жылга карата 1 071,6 миң сомду түзгөн, бул 2019-жылдын аягына карата мурунку аудит менен тастыкталган негизги каражаттардын наркына дал келбейт (11,8 миң сомго айырма).

2020-жылдын аягына карата негизги каражаттардын наркы 1 688,5 миң сомду түзүп, 616,9 миң сомго KBA Rapida 105-12 SW жабдууларын

капиталдык оңдоодон өткөрүүнүн эсебинен 1 154,2 миң сомго көбөйгөн. Мында 644,2 миң сомго амортизация эсептелген.

31.12.2021-жылга карата негизги каражаттардын баланстык наркы көбөйүп, 52 916,8 миң сомду түзгөн. Көбөйүү 52 532,0 миң сомго жабдууларды сатып алуунун эсебинен жүргүзүлгөн (“Айыл Банк” ААКсынан алынган кредиттин эсебинен).

31.12.2022-жылга карата негизги каражаттардын баланстык наркы 60 754,8 миң сомду түзгөн, 2022-жылы негизги каражаттардын наркынын жалпы өсүшү 7 838,0 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда, 2022-жылы сатып алынган өндүрүштүк жабдуулардын баштапкы наркы (жеткирүү, чогултуу жана ишке киргизүү боюнча чыгымдарды эске алуу менен) 24 549,6 миң сомду түзгөн. Анын ичинде, “Офсеттик басма машинасы KBA Rapida 7G” полиграфиялык жабдууларынын куроо жана ишке киргизүү жумуштарынын наркы 1 287,7 миң сомду түзгөн (келишим Коом жана жеке адамдар М. Скобелев жана А. Бобровский менен түзүлгөн). Бул жабдуулар азыркы учурга чейин колдонулбай жаткандыгына байланыштуу, аудит тарабынан чогултуу жана ишке киргизүү жумуштарына төлөөгө багытталган Коомдун каражаттарынын сарамжалсыз чыгымдалышы жөнүндө пикир билдирилет (*жабдуунун баштапкы наркы 6 716,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде сатып алуу наркы 4 848,0 миң сомду түзгөн, чыгымдарды капиталдаштырууга чогултуу жана ишке киргизүү жумуштарынын наркы 1 287,7 миң сом суммасында киргизилген*).

Ошондой эле, 2022-жылы 778,3 миң сомго кеңсе жабдуулары сатып алынган. 2022-жылы амортизация боюнча чыгашалар 17 373,7 миң сом суммасында эсептелген.

Ошентип, аудит мезгил аралыгында (2020-2022-жылдары) негизги каражаттарды сатып алуу, анын ичинде 75 168,2 миң сомго өндүрүштүк жабдууларды сатып алуу “Айыл банк” ААКсынан алынган кредиттик каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөн. Ал эми, 2022-жылы “Айыл банк” ААКсынан коммерциялык кредит алууга келишим түзүлгөнгө чейин, 2021-жылдын декабрында сатуучуларга сатып алынуучу жабдуулардын акысын төлөө үчүн 500,0 миң АКШ доллары суммасындагы акча каражаты “Импекс Трейд” ЖЧКсынан карызга алынган. Бул алынган карыз “Айыл Банк” ААКдсынан кредиттик каражаттарды алгандан кийин төлөнгөн.

Өз кезегинде, 52 532,0 миң сомго сатып алынган жабдуулар, аларды төлөөгө 500,0 миң АКШ доллары суммасындагы каражаттар убактылуу карызга алынганына карабай, алар сатып алынган жылы ишке киргизилген эмес. Ал эми, Коом “Импекс Трейд” ЖЧКсынан алынган карыз каражаттар боюнча курстук терс айырмачылыктан улам, 6 604,1 миң сом суммасында кошумча чыгымдарга дуушар болгон.

Мындан тышкары, 2022-жылдын февралында “Айыл банк” ААКсынын кредитинин эсебинен 16 173,0 миң сомго сатып алынган өндүрүштүк жабдуулар сатып алынган учурдан тартып азыркы учурга чейин (2023-жылдын ноябры) зарылдыктын жоктугунан пайдаланылган эмес

(өндүрүштүк жабдууларду ишке киргизүүгө буйрутмалар жок), башкача айтканда, жылдык 9% өлчөмүндө кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды төлөө менен чет өлкөлүк валютада (АКШ доллары) алынган кредиттик каражаттар, аларды сатып алуу зарылдыгынын негиздөөсү жок эле жабдууларды сатып алууга багытталган. “Айыл Банк” ААКсынын кредитинин эсебинен пайдаланууга киргизилбеген жабдууларды сатып алууга багытталган каражаттардын суммасына туура келген пайыздарды төлөө боюнча чыгашалардын үлүшү 1 жыл үчүн 1 455,7 миң сомду (16173,0 *9%) түзгөн.

Коомдун негизги каражаттарынын баштапкы наркы 01.01.2020-жылга карата 166 155,9 миң сомду түзгөн. Алар боюнча чегерилген амортизация 165 728,5 миң сомду түзгөн (амортизациянын деңгээли 99,7%).

31.12.2022-жылга карата негизги каражаттардын баштапкы наркы өндүрүштүк жабдууларды сатып алуу боюнча капиталдык салымдардын эсебинен көбөйүп, 244 272,4 миң сомду түзгөн. Топтолгон амортизациянын суммасы 183 517,7 миң сомду түзгөн. Негизги каражаттардын баланстык наркынын төмөн болушунун негизги себеби, бухгалтердик эсеп боюнча амортизацияга чыгашаларды чегерүүдө негизги фонддордун иштетүү мөөнөтүн колдонуунун ордуна, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде белгиленген амортизациянын ченемдерин (226-берене) колдонуу болуп саналат.

Коомдо негизги каражаттардын жана башка буюмдардын эсептен чыгаруу тартиби жөнгө салынган эмес. Ошондой эле, эсептен чыгарылган жарактуу материалды андан ары сатуу/утилизациялоо/пайдалануу жана аларды сатуунун наркын аныктоо боюнча иш-аракеттердин тартиби регламенттелген эмес.

Аудит мезгил аралыгында, “Гознак” ЖЧКсынын уюштуруучуларынын 2022-жылдын 27-майындагы №21 “Оттук Агропитомник” ЖЧКсына “Ивеко” автоунаасын сатуу жөнүндө чечиминин негизинде (4740 ВВ мамлекеттик номери, 1997-жылы чыгарылган) бухгалтердик эсептен нөлдүк баланстык наркы менен (тездетилген амортизация ыкмасын колдонуунун натыйжасында), баштапкы наркы 998 134,68 сом болгон “Ивеко” транспорт каражаты бухгалтердик эсептен чыгарылган. Автоунааны сатуу жөнүндө буйрукка жана унааны сатып алуу-сатуу келишимине Коомдун башкы директору Ж.К. Жамангулов кол койгон. Сатып алуучуну жана 654,6 миң сом суммасында сатуу баасын башкы директор негиздөөсүз аныктаган (техникалык абалына баа берүү жүргүзүлгөн эмес, сатылып жаткан автоунаанын баасын баалоо, бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана интернет булактарында сатуу жөнүндө кулактандыруу берилген эмес ж.б.). Ошентип, транспорт каражатын сатуунун жазылган жол-жоболору, автомашинанын наркын төмөндөтүү жана биригишкен жактарга сатуу менен байланышкан тобокелдиктерди жокко чыгарбайт.

Автоунаа сатып алуучуга 2022-жылдын 30-майында кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына ылайык берилген. Бирок, аудит жүргүзүү учурунда автоунаа

берилген учурдан тартып, башкача айтканда, 1,5 жыл өткөндөн кийин сатып алуучу тарабынан 187,0 миң сом суммасындагы акча каражаты гана төлөнгөн. Сатып алуучу тарабынан 467,6 миң сом суммасындагы акча каражатынын калган бөлүгү, автоунаага камак салуунун натыйжасында (башкы бухгалтердин оозеки түшүндүрмөсүнө ылайык), автоунааны кайра тариздөө мүмкүн эместигинен улам төлөнгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 236-беренесин 1-бөлүгүнүн 14-пункутун бузуу менен, пайдаланылбаган жабдуулардын амортизациясы боюнча чыгашалар 2602,6 миң сом суммасында салык салынуучу пайданы аныктоодо эсептен чыгарылуучу чыгашалардын курамына киргизилген, бул пайданын өлчөмүн азайтууга жана пайдага салыктын 260,3 миң сом суммасында төлөнбөй калышына алып келген.

Полиграфиялык продукцияны өндүрүү үчүн колдонулуучу товардык-материалдык баалуулуктар. Негизги материалды (кагазды) эсептен чыгаруу ар бир заказ–наряд боюнча жүргүзүлгөн, ал эми, көмөкчү материалдарды кампанын башчысы бекитилген нормалардын жоктугуна шилтеме берүү менен конкреттүү заказга байлабастан, товарды берүүгө коштомо кагаздын негизинде эсептен чыгарылат.

**Сунуштама:**

1. Учурдагы мезгил үчүн бирдиктүү салык декларациясын түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптарын бузуу менен, чыгымдардын курамына мурда киргизилген 2 602,6 миң сом суммасындагы амортизацияга чыгашалар боюнча түзөтүүлөр киргизилсин.
2. “Оттук Агропитомник” ЖЧКсынан автоунааны сатуу үчүн 467,6 миң сом дебитордук карызды өндүрүү (ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык, камакка алууну алып салуу жол-жобосун жүргүзүү) же төлөө шарттары жана мөөнөттөрү бузулгандыгына байланыштуу, транспорт каражатын Коомго кайтарып берүү боюнча чаралар көрүлсүн.
3. *Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине* укуктук баа берүү үчүн, “Ивеко” автоунаасын (4740 ВВ мамлекеттик номери, 1997-жылы чыгарылган) эсептен чыгаруунун жана автоунаанын техникалык абалын жана рыноктук наркын баалоонун тиешелүү жол-жоболору жок “Оттук Агропитомник” ЖЧКсына сатуунун натыйжасында, автоунаа берилген учурдан тартып 1,5 жыл өткөндөн кийин сатып алуучу тарабынан 187,0 миң сом суммасындагы акча каражатынын бир бөлүгү гана төлөнгөндүгү, калган бөлүгү 467,6 миң сом суммасындагы акча каражаты автоунааны кайра жол-жоболоштурууга мүмкүн болбогондуктан төлөнбөгөндүгү боюнча маалымат жөнөтүлсүн.

## Алынган кредиттерди пайдалануу, аларды кайтаруу, кредиттик каражаттарды пайдалануу үчүн пайыздарды эсептөөнүн ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү, кредиттер боюнча курстук айырмадан кирешелерди жана чыгашаларды таануунун негиздүүлүгү жана аныктыгы

**Аныкталды жана Корутунду:**

№1 Формасынын отчету боюнча бухгалтердик баланс 31.12.2019-жылга карата (аудит жүргүзүлгөн мезгилдин башына карата) “Кыска мөөнөттүү карыздык милдеттенмелер” 3300 эсебинде – 138 472,9 миң сом суммасында кредитордук карыз эсептелген, анын ичинде: “Банктык кредиттер жана зайымдар” 3310 эсебинде – 53 250,7 миң сом (карыздын негизги суммасы – 40 206,7 миң сом (3311 эсеби), эсептелген пайыздар – 13 044,0 миң сом (3312 эсеби) жана 3320 “Башка кредиттер, зайымдар” - 85 222,2 миң сом.

Алсак, “Банктык кредиттер жана зайымдар” 3310 эсеби боюнча төмөнкү алынган кредиттер боюнча кредитордук карыздар эсептелген:

а) 10.09.2009-жылы №34-03/676 кредиттик келишим боюнча башкы директор О.В. Подобедовдун атынан “Континент Принт” ЖЧКсынын (азыркы “Гознак” ЖЧК) жана “АзияУниверсалБанк”–“АУБ-Бишкек” ААКсынын ортосунда келишим түзүлгөн. Коом тарабынан 632,0 миң евро суммасында кредиттик каражаттар полиграфиялык жабдууларды сатып алуу үчүн алынган, кредитти төлөө мөөнөтү 10.09.2010-жылга белгиленген. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздар жылдык 18% өлчөмүндө белгиленген.

б) 2009-жылдын 13-январындагы №55 К-0003-09 кредиттик келишими боюнча башкы директор О.В.Подобедовдун атынан «Континент Принт» ЖЧКсы (азыркы «Гознак» ЖЧКсы) менен “Манас Банк” ЖАКынын ортосунда келишим түзүлгөн. Банк зайымчыга жүгүртүү каражаттарын толуктоо үчүн, мөөнөтү 36 айга 200,0 миң АКШ доллары суммасында коммерциялык кредит берген. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздар жылдык 18% өлчөмүндө белгиленген.

Белгилей кетсек, учурда 2023-жылдын 3-апрелиндеги №3 карызды жабуу боюнча директор Ж.К.Жамангуловдун атынан “Гознак” ЖЧКсынын жана Банктарды жоюу боюнча агенттигинин ортосунда (жоюучу “АзияУниверсалБанк” ААКсы) макулдашуу түзүлгөн. Макулдашууда “Континент Принт” ЖЧКнын 2023-2024-жылдары кредит боюнча карызды төлөөнүн графиги белгиленген.

Аудит жүргүзүлгөн мезгил учурунда жогоруда көрсөтүлгөн кредиттер боюнча пайыздарды чегерүү, курстук айырмадан түшкөн кирешелерди/чыгымдарды таануу жана карызды жоюу боюнча төмөнкүдөй операциялар жүргүзүлгөн:

**2020-жылга**

*АУБ кредити боюнча:*

01.01.2020-жылга карата кредитордук карыз 52 785,6 миң сомду түзгөн. Кредиттик каражаттар пайдаланылгандыгы үчүн пайыздар эсептелинген эмес.

Курстук терс айырмачылык боюнча чыгымдар – 21 688,1 миң сом, анын ичинде негизги сумма боюнча 16 588,6 миң сом жана кошуп эсептелген пайыздар боюнча 5 099,5 миң сом деп таанылган.

Оң курстук айырма боюнча кирешелер – 6 128,6 миң сом, анын ичинде негизги сумма боюнча – 4 697,3 миң сом жана пайыздар боюнча - 1 431,3 миң сом деп таанылган.

1 786,8 миң сом суммасында карызды жабуу жүргүзүлгөн.

31.12.2020-жылга карата “АУБ” кредити боюнча карыз – 66 558,3 миң сомду түзгөн. Карызды төлөөгө карабастан, АКШ долларынын курсунун кескин жогорулашынын натыйжасында “АзияУниверсалБанктын” кредити боюнча карыз 13 772,7 миң сомго көбөйгөн.

*“Манас” банкынын кредити боюнча:*

01.01.2020-жылга карата кредитордук карыз - 465,1 миң сомду түзгөн. Кредиттик каражаттар пайдаланылгандыгы үчүн пайыздар эсептелинген эмес.

Курстук терс айырмачылык боюнча чыгымдар - 355,5 миң сом суммасында, анын ичинде: негизги сумма боюнча - 251,4 миң сом жана эсептелген пайыздар боюнча - 104,1 миң сом.

Оң курстук айырма боюнча кирешелер - 354,9 миң сом, анын ичинде: негизги сумма боюнча - 250,8 миң сом, эсептелген пайыздар боюнча 104,1 миң сом. Карызды толук көлөмдө, 465,7 миң сом суммасында төлөө жүргүзүлгөн.

**2021-жылга**

*АУБ кредити боюнча:*

Кредиттик каражаттар пайдаланылгандыгы үчүн пайыздар эсептелинген эмес. Курстук терс айырмачылык боюнча чыгымдар - 3309,1 миң сом, анын ичинде: негизги сумма боюнча - 2510,4 миң сом, эсептелген пайыздар боюнча - 798,7 миң сомду түзгөн.

Оң курстук айырма боюнча кирешелер – 6 819,8 миң сом, анын ичинде: негизги сумма боюнча - 5151,3 миң сом, эсептелген пайыздар боюнча - 1 668,5 миң сом деп таанылган. 3190,4 миң сом суммасында карыз төлөнгөн. 31.12.2021-жылга карата «АзияУниверсалБанк» алдында кредитордук карыз - 59 857,2 миң сомду түзгөн.

**2022-жылга**

*АУБ кредити боюнча:*

Кредиттик каражаттар пайдаланылгандыгы үчүн пайыздар эсептелинген эмес. Терс курстук айырмачылык боюнча чыгымдар -13 967,9 миң сом, анын ичинде: негизги сумма боюнча – 10 276,9 миң сом, эсептелген пайыздар боюнча - 3 691,0 миң сом.

Оң курстук айырма боюнча – 16 837,1 миң сом, анын ичинде: негизги сумма боюнча 12 462,8 миң сом, эсептелген пайыздар боюнча – 4 374,3 миң сом деп таанылган.

“АУБ” алдында 4 236,9 миң сом суммасында карызды төлөө жүргүзүлгөн.

“АзияУниверсалБанк” кредити боюнча 31.12.2022-жылга карата кредитордук карыз 52 751,1 миң сомду түзгөн.

2022-жылы “Гознак” ЖЧК сы менен “Айыл Банк” ААКсы ортосунда 1 000 000 АКШ долларына (бир миллион АКШ доллары) максималдуу суммасынын чегинде 09.02.2024-жылга чейин кредиттик линияны берүү боюнча 2022-жылдын 9-сентябрында № 0001186042.001 башкы келишим түзүлгөн (келишимге “Гознак” ЖЧКсы Ж.К. Жамангулов; “Айыл Банк”

ААКсы Б.Р. Асанбаев кол коюшкан). “Гознак” ЖЧКсынын уюштуруучуларынын 2021-жылдын 24-декабрында кабыл алынган чечими бар, анда бир добуштан томөндөгүдөй чечим кабыл алынган:

- “Айыл Банк” ААКсынан жылдык 9% менен 1000 000 (бир миллион) АКШ доллары суммасында кредит алуу, анын ичинде 500 000 (беш жүз миң) АКШ долларын 2021-жылдын 11-ноябрындагы келишими боюнча “IMPEX TRADE” ЖЧКсынын алдындагы полиграфиялык жабдууларды сатып алууга алынган карызды төлөөгө.

- 263 084 (эки жүз алтымыш үч миң сексен төрт) АКШ доллары “Континент” ЖЧКсындагы учурдагы карызды кайра каржылоого.

- 236 916 (эки жүз отуз алты миң тогуз жүз он алты) АКШ долларын ID карталарын чыгаруу үчүн полиграфиялык жабдууларды сатып алууга жана алкоголдук акциздик марка үчүн жабдууларды толуктап жабдууга.

Чечимге: О.В. Подобедов (25,35%), Н.Г. Давиденко (8,19%), Г.В. Давиденко (1,46%), КР Президентинин Иш башкармасына караштуу “Типография” МИ (65%) атынан Б. Б. Касымов тарабынан кол койгон.

Ошондой эле башкы келишимге кол коюлган:

- Линияны берүү жөнүндө Башкы келишимге карата 2022-жылдын 9-февралындагы № 0001186042.001-1 кредиттик келишими, ага ылайык Банк зайымчыга (“Гознак” ЖЧКсы) 2024-жылдын 9-февралына чейин кайтаруу мөөнөтү менен 263 000 АКШ долларын берет. Пайыздык чен сатуудан түшкөн салыкты эсепке албаганда, жылдык 9% өлчөмүндө белгиленген. Келишимдин 1.2.-пункутуна ылайык, “Банк тарабынан берилген кредит/транш белгилүү бир максаттуу багытка ээ жана Зайымчы тарабынан төмөнкү максаттар үчүн пайдаланылышы керек: башка жабдуулар”.

- Линияны берүү жөнүндө Башкы келишимге карата 2022-жылдын 3-мартындагы № 0001186042.001-2 кредиттик келишими, ага ылайык Банк зайымчыга (“Гознак” ЖЧКсы) 2024-жылдын 9-февралына чейин кайтаруу мөөнөтү менен 737 000 АКШ долларын берет. Пайыздык чен сатуудан түшкөн салыкты эсепке албаганда, жылдык 9% өлчөмүндө белгиленген Келишимдин 1.2.-пунктуна ылайык, “Банк тарабынан берилген кредит/транш белгилүү бир максаттуу багытка ээ жана Зайымчы тарабынан төмөнкү максаттар үчүн пайдаланылышы керек: башка жабдуулар”.

“Айыл Банк” ААКсынын зайым каражаттарын пайдалануу боюнча отчетуна ылайык:

- басып чыгаруучу машина - 451 600 евро;
- кредитти кайра каржылоо – 238 700 АКШ доллары;
- жабдууларды жеткирүү үчүн төлөм - 16 000 АКШ доллары;
- полиграфиялык формаларды чыгаруу учун жабдуулар - 45000 евро;
- Sramag көзөмөлдөөчү-кайра ороочу машина - 14000 евро;
- Rotocontrol жабдуулары - 67 473 евро;
- транспорт үчүн төлөө - 2640 евро;
- (Quadra) пластикалык карталарды басып чыгаруучу үчүн машиналарга алдын ала төлөө - 60 000 евро;

- займымдарды кайтаруу - 49 614 евро.

“Гознак” ЖЧКсынын эсебине “Айыл Банк” ААКсынан 1000,0 миң АКШ доллары, Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын курсу боюнча чегерүү учурунда 94 287,9 миң сом суммасында келип түшкөн.

2022-жылы курстук айырмачылыктар боюнча эсептелген чыгашалар – 8 476,7 миң сом.

Оң курстук айырма боюнча кирешелер – 18 215,9 миң сом өлчөмүндө таанылган.

Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздар 4 783,9 миң сом суммасында эсептелинген, анын ичинде “Континент” ЖЧКсына кредитти кайра каржылоо үчүн пайдаланылган кредиттин бир бөлүгү боюнча пайыздар (мурда алынганды тындыруу үчүн) болжолдуу түрдө – 1 589,0 миң сомду түзгөн.

Негизги сумма боюнча – 29 744,2 миң сом жана 4 770,9 миң сом суммасында эсептелген пайыздар боюнча карызды төлөө жүргүзүлгөн. “Айыл банк” кредити боюнча кредитордук карыз 31.12.2022-жылга карата 54 817,4 миң сомду (же 639,8 миң АКШ доллары) түзгөн.

“Гознак” ЖЧКсынын Ж.К. Жамангуловдун жетекчилиги алдында жогоруда көрсөтүлгөн кредиттик келишимдердин шарттарын бузуу менен (№ 000 1186042.001 – 2 737,0 миң АКШ долларына жана №0001186042.001- 1 263,0 миң АКШ долларына), суммасы 238,7 миң АКШ доллары максатсыз пайдаланылган, 2022-жылга ал боюнча чыгымдар пайыз түрүндө 1500,0 миң сомду түзгөн.

**III.** 3320 эсеби “Башка кредиттер, займдар” боюнча 01.01.2020-жылга карата 85 222,2 миң сом суммасында кредитордук карызы болгон. Карыздын негизги суммасын “Континент” ЖЧКсына 53 728,7 миң сом (771476,95 АКШ доллары) суммасындагы карызы түзгөн. “Континент” ЖЧКсына болгон карыз алынган кредиттин негизинде келип чыккан (2009-жылдын 21-мартындагы “Континент” ЖЧКсы менен “Континент Принт” ЖЧКсынын ортосундагы займ келишими). Түзүлгөн келишимге ылайык, займдын суммасы 400,0 миң АКШ долларын түзгөн. Кредиттик каражаттарды пайдалануу үчүн пайыз 18% өлчөмүндө белгиленген (Келишимдин 1.2. пункуту). Кредитке алынган каржатты кайтаруу 2010-жылдын ноябрь айына белгиленген (Келишимдин 2.2.1. пункуту).

2009-жылдын 21-январындагы кредиттик келишимге 2010-жылдын 27-декабрындагы кошумча макулдашуусу менен (“Континент” ЖЧКсы менен “Континент Принт” ЖЧКсынын ортосундагы) кредитти төлөө мөөнөтүн 2012-жылдын декабрына чейин узартуу менен кредиттин суммасы 650,0 миң АКШ долларына чейин көбөйтүлгөн.

Ошондой эле, аудитке Займдык келишимге 2019-жылдын 16-декабрындагы кошумча макулдашуу жана кредитти жана пайыздарды төлөө графиги берилген (“Континент” ЖЧКсынын атынан Г.В. Давиденко жана “Гознак” ЖЧКсынын атынан Ж.Ж. Галдыбаев). Бул кошумча макулдашууда 807 194,83 АКШ доллары кредиттин негизги суммасы катары көрсөтүлгөн жана жана кредиттик каражаттарды пайдалангандыгы үчүн

пайыздарды чегерүү боюнча эсептөөлөр, ошондой эле негизги сумманы төлөө графиги жана алар боюнча эсептелген пайыздар 807 194,83 АКШ долларынан түзүлгөн. Карызды төлөө мөөнөтү 2022-жылдын 25-ноябрына чейин узартылган.

Бухгалтердик эсеп регистрлерине ылайык, башкача айтканда жүгүртүү-сальдосу боюнча, 2019-жылдын 1-декабрына карата “Башка кредиттер боюнча карыздын негизги суммасын эсепке алуу” 3321 эсеби боюнча (жогоруда аталган Кошумча макулдашууга кол коюлган учурга) “Континент” ЖЧКсынын зайымдык каражаттар боюнча карыздын негизги суммасы 143 057,89 АКШ долларын түзгөн. Ал эми, (“Башка кредиттер боюнча эсептелген пайыздарды эсепке алуу” 3322 эсеби) эсептелген пайыздар боюнча карыздын суммасы 2019-жылдын 1-декабрына карата 663 288,09 АКШ долларын түзгөн.

Жогоруда белгиленгендерден, кошумча келишимде көрсөтүлгөн карыздын негизги суммасы катары көрсөтүлгөн 807 194,83 АКШ доллары суммасындагы карыз, негизги сумма (143 057,89 АКШ доллары) жана эсептелген пайыздар (663 288,09 АКШ доллары) боюнча карыздардын суммасы болуп саналат.

“Континент” ЖЧКсынын алдында негизги карыздын суммасын ашыкча көрсөтүүнүн натыйжасында (663 288,09 АКШ долларына ашыкча көрсөтүлгөн), 2019-жылдын декабрь айынан тартып кредиттик каражаттарды пайдалануу, ошондой эле курстук айырмадан улам кирешелерди/чыгашаларды таануу үчүн негизсиз пайыздар (жогорулатылган) эсептелинген.

Бул аудиттин жүрүшүндө 01.01.2020-жылдан тартып 31.12.2022-жылга чейинки мезгилге кредиттик каражаттарды пайдалануу боюнча пайыздарды жана курстук айырмачылыктарга кайра эсептөө жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн эсептөөлөргө ылайык, “Континент” ЖЧКсынын алдындагы кредитордук карыз: 31.12.2020-жылга карата 35 580,2 миң сом, 31.12.2021-жылга – 2 802,1 миң сомду түзгөн. Ал эми, 2022-жылы аткаруучу орган Коом - “Гознак” ЖЧКсынын башкы директору Ж.К. Жамангуловдун аракеттеринин же аракетсиздигинен улам жол берилген 30 236,8 миң сом суммасында негизсиз төлөөнүн натыйжасында, “Континент” ЖЧКсынын кредити боюнча “Континент” ЖЧКсынын акча каражаттарынын 27 433,4 миң сом суммасында акча каражаты негизсиз ашыкча төлөнгөндүгү аныкталган.

№1 форма “Бухгалтердик баланс” отчетуна ылайык, 2022-жылдын 31-декабрына карата “Континент” ЖЧКсына 1 526,9 миң сом суммасында кредитордук карызы болгон. Берилген маалыматка ылайык, бул карыз 2023-жылы 1 575,2 миң сом суммасында төлөнгөн.

1575,2 миң сом өлчөмүндөгү калдыктын негизсиз төлөнүшүн эске алуу менен негизсиз ашыкча төлөмдүн жалпы суммасы **29 008,6 миң сомду** түзгөн, бул өз кезегинде “Гознак” ЖЧКсынын кирешесинин төмөндөшүнө, демек

көрсөтүлгөн мезгилге Коомдун финансылык абалынын бурмаланышына алып келген.

IV.

а) 2020-жылдын 1-январына карата “Гознак” ЖЧКсынын бухгалтердик балансы боюнча О.В. Подобедовдун алдында 30 228 523,11 сом суммасында кредитордук карыз көрсөтүлгөн. Анын ичинде: 2400 евро, 51 012,35 АКШ доллары жана 26 488 671,39 сом.

2020-жылга О.В. Подобедовдон 720 000 сом карыз алынган. 490 702,54 сом суммасында оң курстук айырма эсептелген (башкача айтканда кирешелер таанылды), терс курстук айырма 1 210 180,31 сомду түзгөн (курстук айырмачылыктарга байланыштуу чыгашалар). О.В. Подобедовдун алдында 375 000 сом кредитордук карыз төлөнгөн.

б) 2021-жылдын 1-январына карата О.В.Подобедовдун алдындагы карыз 31 293 000 сомду түзгөн. Анын ичинде: 2400 евро, 51 012,35 АКШ доллары жана 26 833 671 сом. Курстук айырмадан түшкөн киреше 93 030 сомду, курстук айырмадан келип чыккан чыгаша 187 322,20 сомду түзгөн. 2021-жылы карыз боюнча төлөмдөр жүргүзүлгөн эмес.

в) 2022-жылдын 1-январына карата “Гознак” ЖЧКсынын бухгалтердик балансы боюнча О.В. Подобедовдун алдында 31 387 292 сом суммасында кредитордук карызы бар. Анын ичинде: 2400 евро, 51 012,35 АКШ доллары жана 26 833 671,39 сом.

2022-жылга О. В. Подобедовдон 780 750 сом карыз алынган. 758 365 сом суммасындагы оң курстук айырма эсептелди (башкача айтканда кирешелер таанылды), терс курстук айырма 832 557,41 сомду түзгөн (курстук айырмачылыктарга байланыштуу чыгашалар) О.В. Подобедовго 1 673 926 сомго кредитордук карыз төлөнүп берилген.

г) 2023-жылдын 1-январына карата “Гознак” ЖЧКсынын бухгалтердик балансы боюнча О.В. Подобедовго 30 568 308 сом суммасында кредитордук карыз эсептелген, анын ичинде: 2400 евро, 51 012,35 АКШ доллары жана 26 264 744,88 сом.

*Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине* аудиттин жыйынтыктары жөнүндө отчеттун долбооруна карата жумушчу документ төмөндөгү фактылар боюнча укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлгөн (17.10.2023-ж. №01-7/1383 чыг.каты):

- “Континент” ЖЧКсы кредиторуна пайыздык чыгашаларды негизсиз эсептөө менен, андан ары 29 008,6 миң сом суммасында чегерилген пайыздарды төлөө;
- “Айыл банк” ААКсынан алынган 238,7 миң АКШ доллары суммасындагы кредиттик каражаттарды максатсыз пайдалануу, ал боюнча 2022-жылга чыгашалар пайыз түрүндө 1500,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

1. 2020-2022-жылдар аралыгында Континент» ЖЧКсынын 29 008,6 миң сомго дебитордук карызын таануу менен өткөн жылдардагы пайданы

көбөйтүү жолу менен зайымдык каражаттар боюнча негизсиз эсептелген пайыздык чыгымдарды жөнгө салуучу өткөрүүлөрдү жүргүзүү.

2. “Континент” ЖЧКсынан карыздын негизги суммасына карыздын жоктугунан пайыздарды негизсиз кошуп эсептөөнүн натыйжасында кредитти төлөөнүн алкагында негизсиз төлөнгөн 29 008,6 миң сомду өндүрүү боюнча чара көрүлсүн.

**Коомдун ижара мамилелеринин аудити**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Аудит жүргүзүү мезгилинде Кoом менен “Континент” ЖЧКсы менен төмөндөгү келишимдер түзүлгөн:

а) 2020-жылдын 8-январындагы №1 айына ижара акысы 84 064 сом суммасында аянты 150,9 чарчы метр турак эмес (кеңсе) жайын ижарага алуу боюнча келишими;

б) 2021-жылдын 4-январындагы №32 айына ижара акысы 96 443 сом суммасында аянты 141 чарчы метр кеңсе жайын ижарага алуу боюнча келишими;

в) 2022-жылдын 10-январындагы, айына ижара акысы 881 сом суммасында 130 чарчы метр кеңсе жана 181,6 чарчы метр өндүрүштүк жайларды ижарага алуу боюнча келишими. 10.01.2022-жылдагы келишимге кошумча 2022-жылдын 4-апрелиндеги турак эмес жайды ижарага алууга макулдашуусу менен ижарага алынуучу жайдын аянты 190,6 чарчы метрге көбөйтүлгөн жана 502,2 чарчы метр түзгөн, ал эми айына ижара акысынын наркы 49 041 сомго көбөйтүлгөн жана 193 922 сомду түзгөн.

Ижарага алынган жайлар (кеңсе жана өндүрүш аянты) Коомдун кызматкерлерин жайгаштыруу жана 2022-жылы сатып алынган жабдууларды жайгаштыруу үчүн колдонулган.

Турак эмес жайларды ижарага алуу чыгымдары:

- 2020-жылга - 809,8 миң сом;
- 2021-жылга - 994,4 миң сом;
- 2022-жылга - 2103,8 миң сом.

Ижарачы – “Гознак” ЖЧКсы ижара акысынан тышкары коммуналдык кызматтар үчүн да акы төлөйт.

1 чарчы метр үчүн ижара наркынын негиздемеси аудитке берилген эмес. Жайды ижарага алууга келишим түзүүдө, Бишкек шаарында турак эмес жайды ижарага алууда бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Мындан тышкары, ижара аянтынын көбөйүшү 2022-жылы кредиттик каражаттардын эсебинен сатып алынган жабдууларды жайгаштыруу менен байланыштуу болгонун белгилей кетүү керек, алардын көбү иштебейт.

Мында, “Гознак” ЖЧКсынын өздүк өндүрүштүк аянттарын визуалдуу карап чыгууда, 2021-2022-жылдары жаңы сатып алынган жабдууларды жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүнүн бар экендигин, ошону менен бирге пайдаланылбай тургандыгын көрсөткөн. Ошентип, “Гознак” ЖЧКсынын жетекчилеринин (башкы директордун жана башкы директордун орун

басарынын) ижарага берилүүчү турак эмес жайдын аянтын көбөйтүү боюнча аракеттери “Гознак” ЖЧКсынын чыгашаларын 588,5 миң сомго көбөйтүүгө, О.В. Подобедовдун контролдугу астында турган компаниянын (“Континент” ЖЧКсы) кирешелерин көрсөтүлгөн суммага көбөйтүүгө алып келген.

Өндүрүштүк жана кеңселик аянттарды ижаралоодон тышкары, аудит жүргүзүлгөн мезгилде Коом тарабынан “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, өндүрүштүк жабдууларды ижарага берүү боюнча келишимдер түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Коомдун финансылык ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, “Гознак” ЖЧКсынын өздүк өндүрүштүк аянттарын сарамжалдуу пайдалануу жолу менен ижарага алынган аянттардын санын кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити**

**Аныкталды жана Корутунду:**

01.01.2020-жылга карата 1410 эсеби боюнча **дебитордук карыз** 373,6 миң сомду түзгөн, анын негизги суммасын аванс менен төлөнгөн салыктар түзгөн 258,7 миң сом суммасында.

Берилген авансовтар боюнча (аванс менен төлөнгөн запастар жана кызмат көрсөтүүлөр) 01.01.2020-жылга карата калдык 753,4 миң сомду түзгөн.

Уюштуруучулардын (“Типография” МИ) Уставдык капиталга салымдары боюнча карызы (1900 эсеби боюнча) 25 378,3 миң сомду түзгөн.

31.12.2020-жылга карата дебитордук карыз (1410 эсеби) 982,2 миң сомду, аванс менен төлөнгөн салыктар 78,0 миң сомду түзгөн.

31.12.2020-жылга карата “1800 - берилген аванстар” эсеби боюнча калдык 685,3 миң сомду түзгөн.

Дебитордук карыздын негизги суммасын уюштуруучулардын Уставдык капиталга салымдары боюнча карызы да (1900 эсеби боюнча) 25 378,3 миң сомду түзгөн.

31.12.2021-жылга карата дебитордук карыз (1410 эсеби) 8541,9 миң сомду, анын ичинде аванс менен төлөнгөн салыктар - 284,6 миң сомду түзгөн.

31.12.2021-жылга карата 800 эсеби боюнча 3883,8 миң сомду түзгөн.

Уюштуруучулардын Уставдык капиталга салымдар боюнча карызы (1900 эсеби боюнча) 25 378,3 миң сомду түзгөн.

31.12.2022-жылга карата дебитордук карыз (1410 эсеби) 30 313,4 миң сомду, аванс менен төлөнгөн салыктар – 5 887,9 миң сомду түзгөн.

1800 эсеби боюнча берилген аванстар боюнча калдык 31.12.2021-жылга карата 1053,6 миң сомду түзгөн.

Уюштуруучулардын Уставдык капиталга салымдар боюнча карыздарынын суммасы (1900 эсеби боюнча) өзгөргөн жок жана 25 378,3 миң сомду түзгөн.

01.01.2020-жылга карата **кредитордук карыз** (3100 эсеби, 3190 төлөөгө каралган эсеп) 22127,6 миң сомду, алынган авансстар (3210, 3220 эсептери) 427,4 миң сомду, кыска мөөнөттүү милдеттенмелер (3300 эсеби):

- банктык кредиттер (3310 эсеби) – 53 250,7 миң сом.
- башка кредиттер жана насыялар (3320 эсеби) 85 222,7 миң сом.

Төлөөгө салыктар – 1 044,6 миң сом, кыска мөөнөттүү чегерилген милдеттенмелер (3500 эсеби боюнча) – 947,1 миң сом.

31.12.2020-жылга карата кредитордук карыз (3100 эсеби, 3190 төлөөгө каралган эсеп) 16 284,9 миң сомду, алынган авансстар (3210, 3220 эсептери) 699,3 миң сомду, кыска мөөнөттүү милдеттенмелер (3300 эсеби):

- банктык кредиттер (3310 эсеби) – 66 558,3 миң сом;
- башка кредиттер жана зайымдар (3320 эсеби) 80 062,7 миң сом.

Төлөөгө каралган салыктар - 570,0 миң сом, кыска мөөнөттүү чегерилген милдеттенмелер (3500 эсеби боюнча) - 1 110,8 миң сом.

31.12.2021-жылга карата кредитордук карыз (3100 эсеби, 3190 төлөөгө каралган эсеп) 70 977, миң сомду, алынган авансстар (3210, 3220 эсептери) 61,5 миң сомду, 3300 эсеби боюнча кыска мөөнөттүү милдеттенмелер:

- банктык кредиттер (3310 эсеби) – 59 857,3 миң сом;
- башка кредиттер жана зайымдар (3320 эсеби) 58 170,6 миң сом.

Төлөөгө каралган салыктар – 1 426,6 миң сом, кыска мөөнөттүү чегерилген милдеттенмелер (3500 эсеби боюнча) – 791,3 миң сомду түзгөн.

31.12.2022-жылга карата (3100 эсеби, 3190 төлөөгө каралган эсеп) кредитордук карыз 26 697,1 миң сомду, алынган авансстар (3210, 3220 эсептери) 187,5 миң сомду, 3300 эсеби боюнча кыска мөөнөттүү милдеттенмелер:

- банктык кредиттер (3310 эсеби) - 107568,6 миң сом;
- башка кредиттер жана насялар (3320 эсеби) 32758,2 миң сом.

Төлөөгө салыктар – 669,7 миң сом, кыска мөөнөттүү чегерилген милдеттенмелер (3500 эсеби боюнча) - 1902,3 миң сомду түзгөн.

Дебитордук жана кредитордук карыздарды талдоодо “БПБ Инсанат” ЖЧКсына жана жеке жак Ш.Ж. Назаралиевага үч жылдан ашык убакытта 219,6 миң сомго эсептелген кредитордук карыз белгиленген. Мында контрагент менен салыштыруу актысына кол коюлган эмес.

**Сунуштама:**

1. Мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук/кредитордук карыздарды өз убагында аныктоо максатында, дебитордук жана кредитордук карыздардын абалына системалуу түрдө талдоо жүргүзүлсүн.
2. Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын жана Коомдун Эсеп саясатынын талаптарына ылайык, кайтарылгыс карыздарга резерв түзүлсүн.
3. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин ченемдерине ылайык (212-берене), бухгалтердик эсеби боюнча 3 жылдан ашык эсептелген 219,6 миң сом суммасындагы кредитордук карызды (коомдун кирешесине кошуу менен) эсептен чыгаруу маселеси каралсын.

**Эмгек акынын чыгымдарын талдоо**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Уставга ылайык "Гознак" ЖЧКсы төмөнкүлөргө укуктуу:

- контракттын шарттарында же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка шарттарда каалаган сандагы кызматкерлерди жалдоого жана бошотууга;
- жалданып иштеген адамдардын эмгек акысынын формаларын, системаларын жана өлчөмдөрүн, кирешелеринин башка түрлөрүн белгилөөгө.

Бирок Коом тарабынан эмгекке акы төлөө системасы боюнча эч кандай ички локалдык ченемдик укуктук актылар иштелип чыккан эмес, анын ичинде кызматтык маянанын, үстөктөрдүн, мөөнөтүнөн ашык жумуштар боюнча ставкалардын, кызматкерлерди сыйлоонун өлчөмүн белгилөө жөнүндө жобо, жамааттык келишим ж. б. жок.

"Гознак"" ЖЧКсынын 2020-жылга штаттык ырааттамасы башкы директор Ж.Ж. Галдыбаевдин 03.09.2020-жылдын №143/1 буйругу менен 58 бирдик санында бекитилген. "Гознак" ЖЧКсынын 2021-жылга штаттык ырааттамасын башкы директор Ж.Ж. Галдыбаев 09.03.2021-жылы 59 бирдик санында бекиткен.

"Гознак" ЖЧКсынын 2022-жылга штаттык ырааттамасы башкы директор Ж.К. Жамангулов тарабынан 10.01.2022-жылы 69 бирдик санында бекитилген.

Кызматтык маяналар "Гознак" ЖЧКсынын директорунун буйруктары менен белгиленген, алар аудит жүргүзүлүүчү мезгилдин ичинде кайрадан бекитилген (айрым кызматкерлердин кызматтык маяналарын көбөйтүү жана азайтуу жүргүзүлгөн), мында аларды көбөйтүү/азайтуу негиздемелери аудитке берилген эмес. Продукциянын өздүк наркына кызматкерлердин эмгек акысынын фондусунун таасир этиши талданган жок.

2020-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилде жумушчулардын орточо саны 34 бирдикти түзгөн (2020-жылы – 30 бирдик, 2021-жылы – 28 бирдик жана 2022-жылы - 44 бирдик).

Иш жүзүндөгү эмгек акы чыгымдары:

- 2020-жылы 10 255,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде административдик башкаруу персоналы боюнча – 4 669,2 миң сом. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төгүмдөрдү чегерүү боюнча чыгымдар 2 950,9 миң сомду түзгөн;
- 2021-жылы 10 267,0 миң сом түзгөн, анын ичинде административдик башкаруу персоналы боюнча – 4 034,6 миң сом. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төгүмдөрдү чегерүү боюнча чыгымдар 2 850,7 миң сомду түзгөн.
- 2022-жылы 21 795,1 миң сом түзгөн, анын ичинде административдик башкаруу персоналы боюнча – 6 406,9 миң сом. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төгүмдөрдү чегерүү боюнча чыгымдар 5 915,2 миң сомду түзгөн. Киреше салыгы боюнча чыгашалар 1 942,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

“Гознак” ЖЧКсынын Аткаруу органы тарабынан төмөнкү маселелер боюнча чаралар көрүлсүн:

- “Жамааттык келишимдер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык жамааттык келишим түзүү боюнча;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, эмгек акы төлөө ченемдерин камтыган ички локалдуу ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу боюнча.

**Кассалык операциялардын аудити**

**Аныкталды:**

“Гознак” ЖЧКсында кассанын накталай акча каражаттарын эсепке алуу 1100 “Кассадагы акча каражаттары” эсеби боюнча жүргүзүлөт. 07.09.2023-жылга карата материалдык жоопту адам С. Лобушкинанын кассасында болгон акча каражаттарына инвентаризациялоо жүргүзүлдү. Инвентаризация жүргүзүүдө “Гознак” ЖЧКсынын кассасы ижарага алынган бөлмөдө (залдын ортосунда пластик менен тосулган бөлмө) жайгашкандыгы аныкталган. Белгилей кетсек, Коом башка үч ЖЧК менен биргеликте 1 касса уюштурган. Мындан тышкары, кассир С. Лобушкина сейфте “Гознак” ЖЧКсына таандык эмес акча каражаттары бар экендигине таянуу менен металл сейфтеги акча каражаттарына толук жетүү мүмкүнчүлүгү берилген эмес (С. Лобушкина кассир болуп айкалыштырып иштеген башка жеке компаниялардын акча каражаттары), ал жерде жеке компаниялардын башка кызматкерлеринин кассага кирүү мүмкүнчүлүктөрү бар. Демек, буга байланыштуу “Гознак” ЖЧКсынын накталай акча каражаттарынын жана кассалык документтеринин толук сакталышы камсыздалган эмес. Мындан тышкары, Коомдун акча каражаттарын негизсиз убактылуу колдонуу тобокелдиги бар.

Инвентаризацияга берилген акча каражаттарынын суммасы 155 481 сомду түздү, бул кассалык китеп боюнча калдыкка туура келет.

Кассалык операциялар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин” 18-пункутуна шилтеме берүү менен электрондук форматта жүргүзүлүүдө.

Аудитке берилген маалыматтарга ылайык, 2020-жылдын 1-январына карата кассадагы акча каражаттарынын калдыгы 374,6 миң сомду (26,4 миң сом жана 5000 АКШ доллары = 348,2 миң сом) түзгөн. 2020-жылдын ичинде кассага накталай түрдө 10 268,2 миң сом түшүп, 10 585,4 миң сом сарпталып, жылдын аягындагы калдык 57,4 миң сомду түзгөн.

2021-жылдын 1-январына карата кассадагы акча каражаттарынын калдыгы 57,4 миң сомду түзгөн. 2021-жылдын ичинде кассага накталай түрдө 82 536,7 миң сом түшүп, 82 550,8 миң сом сарпталып, жылдын аягындагы калдык 43,3 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын 1-январына карата кассадагы акча каражаттарынын калдыгы 43,3 миң сомду түзгөн. 2022-жылдын ичинде кассага накталай 97 048,3 миң сом түшүп, 97 065,9 миң сом сарпталып, жылдын аягындагы калдык 25,7 миң сомду түзгөн.

Кириш жана чыгыш ордерлери боюнча 51 кассалык операциялар аудиттелди.

16.04.2021-жылдагы № 49 чыгыш ордери боюнча 500,0 миң сомго, 19.04.2021-жылдагы №53 чыгыш ордери боюнча 500,0 миң сомго жана 20.04.2021-жылдагы №54 чыгыш ордери боюнча 49,2 миң сомго, Коомдун кассасынан башкы бухгалтер О.А. Космынинанын жоопкерчилиги алдына эсепке алуу үчүн бардыгы болуп 1049,2 миң сом берилген. Бул накталай акча каражатын кассадан берүү үчүн “Керемет Банк” ААКсынын алыш-бериш эсебинен 1000,0 миң сом суммасындагы накталай акча каражаттары алынган. О.А. Космынина тарабынан отчет берүү суммаларын калыбына келтирүү боюнча 21.04.2021-жылындагы №9 аванстык отчет Коомдун бухгалтериясына 1049,0 миң сомго тапшырылган. Акча каражатын чыгыштоону тастыктоочу жана актоочу документ катары, 20.04.2021-жылы “Кагаз” ЖЧКсынын кассасына накталай төгүү үчүн, айрып алма квитанциянын ордуна, “Кагаз” ЖЧКсы тарабынан өзүнүн эсебин толуктоого карата накталай төгүүгө берилген банктын квитанциясы тиркелген. Башкача айтканда, “Кагаз” ЖЧКсынын алыш-бериш эсебин толуктоону “Гознак” ЖЧКсынын атынан “Кагаз” ЖЧКсы өзү жүргүзгөндүгүн, белгилей кетүү керек. Накталай акчаларды кассага салган юридикалык жакка накталай төгүмгө квитанция бербестен, башка юридикалык жактын атынан (“Кагаз” ЖЧКсы тарабынан) өздүк алыш-бериш эсебин толтуруу боюнча операцияны жүргүзүү, накталай акчаларды кириштебөө жана тиешелүү түрдө кирешелерди жашыруу, товарларды берүүчү – “Кагаз” ЖЧКсы тарабынан салыктарды төлөбөө тобокелдиктерин көрсөтөт. Буга байланыштуу, аудит жүргүзүлүүчү субъект тарабынан товарларды жабдуучу – “Кагаз” ЖЧКсынан 2020-жылдан 2022-жылга чейинки мезгил аралыгында 7 128,0 миң сомго, анын ичинде, 2020-жылы - 1 264,0 миң сомго, 2021-жылы - 3 326,8 миң сомго жана 2022-жылы - 2 861,6 миң сомго товарларды сатып алганын көрсөтүү зарыл. Кассалык документтерди тариздөө боюнча белгиленген кемчиликтер кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышына башкы директор тарабынан талаптагыдай контролдуктун жоктугун көрсөтөт.

Аудит жүргүзүлгөн мезгил үчүн Коомдун кассасы боюнча накталай акча каражаттарынын олуттуу жүгүртүлүшү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-матындагы №166/51-6 токтому менен бекитилген, 2018-2022-жылдарга (үчүнчүү этап) Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программада каралган милдеттерди аткаруу боюнча көрүлүп жаткан чаралардын жетишсиздиги жөнүндө күбөлөндүрөт.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин” талаптарын бузуу менен Коомдун сейфинде “Гознак” ЖЧКсына таандык эмес акча каражаттары (С. Лобушкина кассир болуп айкалыштырып иштеген башка жеке компаниялардын акча каражаттары) бар экендиги аныкталган, мында жеке компаниялардын башка кызматкерлеринин Коммдун кассасына кирүү мүмкүнчүлүгү бар, ушуга байланыштуу “Гознак” ЖЧКсынын накталай акча каражаттарынын жана кассалык документтеринин толук сакталышы камсыз кылынган эмес. Мындан тышкары, Коомдун акча каражаттарын негизсиз убактылуу колдонуу тобокелдиги бар.

Кириш жана чыгыш ордерлери боюнча кассалык операцияларга аудит жүргүзүүдө, башкы бухгалтер О.А. Космынинага эсеп алуу үчүн бардыгы болуп 1049,2 миң сом берилгени, анын ичинен 1000,0 миң сом суммасындагы акча каражаты “Керемет Банк” ААКсынын алыш-бериш эсебинен алынганы аныкталган. О.А. Космынина тарабынан отчет берүү суммаларын калыбына келтирүү боюнча 21.04.2021-жылындагы №9 аванстык отчет Коомдун бухгалтериясына 1049,0 миң сомго Акча каражатын чыгыштоону тастыктоочу жана актоочу документ катары, 20.04.2021-жылы “Кагаз” ЖЧКсынын кассасына накталай төгүү үчүн, айрып алма квитанциянын ордуна, “Кагаз” ЖЧКсы тарабынан өзүнүн эсебин толуктоого карата накталай төгүүгө берилген банктын квитанциясы тиркелген. Башкача айтканда, “Кагаз” ЖЧКсынын алыш-бериш эсебин толуктоону “Гознак” ЖЧКсынын атынан “Кагаз” ЖЧКсы өзү жүргүзгөндүгүн, белгилей кетүү керек. Накталай акчаларды кассага салган юридикалык жакка накталай төгүмгө квитанция бербестен, башка юридикалык жактын атынан (“Кагаз” ЖЧКсы тарабынан) өздүк алыш-бериш эсебин толтуруу боюнча операцияны жүргүзүү, накталай акчаларды кириштебөө жана тиешелүү түрдө кирешелерди жашыруу, товарларды берүүчү – “Кагаз” ЖЧКсы тарабынан салыктарды төлөбөө тобокелдиктерин көрсөтөт. Буга байланыштуу, аудит жүргүзүлүүчү субъект тарабынан товарларды жабдуучу – “Кагаз” ЖЧКсынан 2020-жылдан 2022-жылга чейинки мезгил аралыгында 7 128,0 миң сомго, анын ичинде, 2020-жылы - 1 264,0 миң сомго, 2021-жылы - 3 326,8 миң сомго жана 2022-жылы - 2 861,6 миң сомго товарларды сатып алганын көрсөтүү зарыл.

Аудит жүргүзүлгөн мезгил үчүн Коомдун кассасы боюнча накталай акча каражаттарынын олуттуу жүгүртүлүшү, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген, 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программада каралган милдеттерди аткаруу боюнча көрүлүп жаткан чаралардын жетишсиздиги жөнүндө күбөлөндүрөт.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген, 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программада каралган милдеттерди аткаруунун алкагында, чарбалык эсептөөлөрдө накталай акча каражаттарын кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн.

2. *Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине* укуктук баа берүү үчүн “Кагаз” ЖЧКсынан 1049,0 миң сомго кагаз сатып алуу боюнча маалымат берилсин.

**Банктык операциялардын аудити**

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Гознак” ЖЧКсында накталай эмес эсептешүүлөрдү эсепке алуу 1200 “Банктагы акча каражаттары” эсеби боюнча жүргүзүлөт.

Накталай эмес эсептешүүлөр үчүн 4 коммерциялык банкта алыш-бериш эсептери ачылган: “РСК Банк” ААКсы, “Айыл банк” ААКсы, “Оптима банк” ААКсы, “Керемет банк” ААКсы.

2020-жылдын 1-январына карата абал боюнча “Гознак” ЖЧКсынын эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы (Форма №1- Баланс отчету жана жыл үчүн жүгүртүү-сальдолук ведомость) 5 725,0 миң сомду түзгөн, 2020-жылдын ичинде 123 754,3 миң сом түшкөн, 127 467,0 миң сом сарпталган, жылдын аягындагы калдык 2 012,3 миң сомду түзгөн.

2021-жылдын 1-январына карата эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы 2 012,3 миң сомду түзгөн. Эсептешүү эсептери боюнча жүгүртүүлөр 244 018,9 миң сомду (түшүүлөр), 245 134,8 миң сомду (которуулар) түздү, жылдын аягындагы калдык 896,4 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын 1-январына карата эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы 896,4 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде 426 979,6 миң сом түшүп, 423 089,1 миң сом сарпталып, жылдын аягындагы калдык 4786,8 миң сомду түзгөн.

Баланс жана жүгүртүү-сальдолук ведомость боюнча эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары банктардын көчүрмөлөрү менен ырасталган.

**Отчет берүүгө берилген акча каражаттарынын аудити**

Отчет берүүгө берилген акча каражаттарын эсепке алуу 1520 “Отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөр” эсеби боюнча жүзөгө ашырылат. Отчет берүүгө берилген акча каражаттары 2020-жылы - 751,3 миң сомду, 2021-жылы - 3 335,3 миң сомду, 2022-жылы - 3 830,3 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кириш жана чыгыш кассалык ордерлерин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген,

“Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин” талаптарын бузуу менен тариzделген учурлар бар.

*2020-жылга:*

Н. Мамбетакуновдун 31.01.2020-жылдагы аванстык отчетунун сатып алуу актысында сатып алынган товарлардын туура эмес жыйынтык наркы көрсөтүлгөн. 0,4 миң сомдун ордуна 4,0 миң сом деп көрсөтүлгөн.

*2021-жылга:*

Н. Мамбетакунов 31.03.2021-жылдагы аванстык отчетунда тиркелген 01.03.2021-жылдагы №0000000303 кириш кассалык ордеринде 34,2 миң сом суммасында башкы бухгалтердин жана “Лесбумкомплект” ЖЧКсынын кассиринин колу жок.

*2022-жылга:*

А. Дубровскаянын 31.12.2022-жылдагы № 66 аванстык отчетундагы 62,8 миң сом сумма башкы директор тарабынан бекитилген эмес, башкы бухгалтердин жана отчет берүүчү адамдын колу коюлган эмес. Мындан тышкары, аванстык отчетко 50,8 миң сомдук квитанция тиркелген эмес, аудиттин жүрүшүндө квитанциялардын дубликаттары берилген.

Н. Мамбетакуновдун 31.12.2022-жылдагы № 58 112,9 миң сомго аванстык отчетунда 89,6 миң сомго кагаз сатып алуу жөнүндө квитанция тиркелген эмес. Аудиттин жүрүшүндө квитанциялардын дубликаттары берилген.

**Сунуштама:**

Кассалык документтерди тариздөөдө жана кассалык операцияларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин” талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын.

**Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболоруна аудит**

“Гознак” ЖЧКсы тарабынан жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө берилген отчетторго ылайык, 2020-жылдын ичинде пландаштырылган 8 275,1 миң сом суммасында, болуп өткөн конкурстук тооруктардын жыйынтыгы боюнча жабдуучулар жана подрядчылар менен жалпы суммасы 7 098,3 миң сомго келишим түзүлгөн, ошону менен шарттуу үнөмдөөнүн жалпы суммасы 1176,8 миң сомду же сатып алууларга каражаттардын пландалган көлөмүнүн 14,2%ын түзгөн.

Конкурстук тооруктар төмөнкү ыкмалар менен жүргүзүлгөн:

- бир этаптуу усул менен - 5 640,5 миң сомго 10 конкурс, бул болуп өткөн конкурстук тооруктардын жалпы суммасынын салыштырма салмагында 79,5%ды түзгөн;
- жөнөкөйлөтүлгөн ыкма менен - 330,5 миң сомго 21 конкурс же 4,6%;
- түз келишим түзүү - 1 127,3 миң сомго 4 конкурс, же 15,9%.

2021-жылы пландаштырылган 112 779,7 миң сом суммасында, болуп өткөн конкурстук тооруктардын жыйынтыгы боюнча жабдуучулар жана подрядчылар менен жалпы суммасы 99 508,2 миң сом келишим түзүлгөн, муну менен шарттуу үнөмдөөнүн жалпы суммасы 13 271,5 миң сомду же сатып алууга пландалган каражаттын көлөмүнүн 11,8% ын түзгөн.

Конкурстук тооруктар төмөнкү ыкмалар менен жүргүзүлгөн:

- бир этаптуу ыкма менен - 98 953,2 миң сомго 19 конкурс же 99,5%;
- жөнөкөйлөтүлгөн ыкма менен - 134,1 миң сомго 9 конкурс же 0,1%;
- келишимдерди түз түзүү ыкма менен - 420,9 миң сомго 16 конкурс же 0,4%.

2022-жылы пландаштырылган 8 9697,6 миң сом суммасында, болуп өткөн конкурстук тооруктардын жыйынтыгы боюнча жабдуучулар жана подрядчылар менен жалпы суммасы 73 315,6 миң сомго келишим түзүлгөн, ошону менен шарттуу үнөмдөөнүн жалпы суммасы 16 382,0 миң сомду, же сатып алууларга пландаштырылган каражаттын көлөмүнүн 18,2%ын түзгөн.

Конкурстук тооруктар төмөнкү ыкмалар менен жүргүзүлгөн:

- бир этаптуу усул менен - 20 847,8 миң сомго 5 конкурс, же 28,4%;
- келишимдерди түз түзүү ыкма менен - 340,0 миң сомго 11 конкурс же 0,5%;
- конкурстук сатып алуу - 48 207,0 миң сомго 11 конкурс, же 65,8 %;
- сунуштарды суроо - 3 920,8 миң сомго 18 конкурс же 5,3 %.

№ 3б формасын статистикалык эмес тандоо боюнча "Гознак" ЖЧКсы жүргүзгөн сатып алуулар боюнча операциялар төмөнкү көлөмдө белгиленген:

- 2020-жылы минимум 5 операция, олуттуу деңгээлде өлчөмү боюнча 1 765,0 миң сом;
- 2021-жылы минимум 95 операция, олуттуу деңгээлде өлчөмү боюнча 935,0 миң сом;
- 2022-жылы минимум 27 операция, олуттуу деңгээлде өлчөмү боюнча 2 566,0 миң сом.

Мында, "Гознак" ЖЧКсынын 2020-жылга мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө берилген отчетуна ылайык, тизме боюнча сатып алуулар боюнча болгону 48 операцияны түзгөн, алардын ичинен сатып алуулардын бир да суммасы өлчөмдөр боюнча олуттуулуктун белгиленген деңгээлинен ашкан эмес, бирок аудитордук чечимге таянуу менен жалпысынан 3 506,5 миң сомго олуттуу суммадагы сатып алуулар боюнча 3 операция белгиленген, бул отчеттук мезгилде жүргүзүлгөн сатып алуулардын жалпы көлөмүнүн 49,4%ын түзгөн.

2021-жылы 60 сатып алуу операцияларынын ичинен олуттуулук деңгээли боюнча тандап алууда өлчөмү боюнча бардыгы 93 687,1 миң сом суммасында 12 сатып алуу операциясы белгиленген, бул көрсөтүлгөн мезгилде ишке ашырылган сатып алуулардын жалпы көлөмүнүн 94,1%ын түзгөн.

Бул сыяктуу эле, 2022-жылдагы 63 сатып алуу операцияларынын ичинен олуттуулук деңгээли боюнча тандап алууда өлчөмү боюнча боюнча бардыгы

55 026,6 миң сом суммасында 8 ири сатып алуу операциясы белгиленген, бул отчеттук мезгилдеги сатып алуулардын жалпы көлөмүнүн 75,0%ын түзгөн.

“Гознак” ЖЧКсынын мамлекеттик сатып алууларына жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, аудит мезгилинде типографиялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, типографияда колдонулуучу жабдууларды жана ар кандай адистештирилген товардык-материалдык баалуулуктарды (атайын кагаздар, боектор ж.б.) ижарага алуу боюнча конкурстардын жыйынтыктары боюнча көпчүлүк учурларда 2 катышуучу: “Иштиктүү стратегия” ЖЧКсынын (Салыктын идентификациялык № 02603201910163 жана “Өзгөчө формат” ЖЧКсынын (Салыктын идентификациялык № 02303202210295), атап айтканда:

- конкурстун катышуучусу “Иштиктүү стратегия” ЖЧКсы 2020-жылы 5 учурда 1 349,5 миң сомго, 2021-жылы 32 учурда 98 217,7 миң сомго жана 2022-жылы 13 учурда 26 687,5 миң сомго жеңүүчү деп табылган, бул конкурстук сатып алуулардын жалпы жылдык көлөмүнүн салыштырма салмагында 2020-жылы - 19,0%ды, 2021-жылы - 98,7%ды жана 2022-жылы - 36,4%ды түзгөн;
- конкурстун катышуучусу “Өзгөчө формат” ЖЧКсы 2022-жылы 23 учурда 45 113,7 миң сомго жеңүүчү деп табылган, бул конкурстук сатып алуулардын жалпы жылдык көлөмүнүн салыштырма салмагы 61,5%ды түзгөн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Тандалып алынган тендерлерге аудит жүргүзүүдө №200721236060677 жарнама номери менен 21.07.2020-жылдан баштап типографиялык кызмат көрсөтүүнү сатып алууга 1 190,0 миң сом суммасында жана №201029247558423 жарнама номери менен 29.10.2020-жылдан баштап офсеттик пластинаны сатып алууга 1 275,0 миң сом суммасында пландаштырылган конкурстар боюнча, конкурстук комиссия тарабынан бекитилген, иштелип чыккан конкурстук документтер жок болгону аныкталды, бул “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” 03.04.2015-жылдагы №72 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-пунктунун 6-пунктчасынын, 14-беренесинин 10-пункутунун талаптарына жооп бербейт.

Катышуучулардын квалификациялык талаптарына “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” 03.04.2015-жылдагы №72 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 2-пункутунун 21-пунктчасында каралган, товарларга, аткарылуучу жумуштарга жана көрсөтүлүүчү кызматтарга тиешелүү сертификаттардын болушу сыяктуу милдеттүү мүнөздөгү маалыматтар киргизилген эмес. Бул полиграфиялык өндүрүштө пайдаланылуучу типографиялык кызмат көрсөтүүлөрдү, ар кандай адистештирилген товардык-материалдык баалуулуктарды (атайын кагаздар, боектор ж. б.) сатып алуу жана полиграфиялык жабдууларды ижарага алуу боюнча конкурстук документтерде берилген товарларга тиешелүү сертификаттар жок, тиешелүү түрдө товарларды чыгарган компания жана чыгарган өлкө жөнүндө маалымат жок, жеткирилүүчү товарларга тиешелүү

сертификаттар жок, тиешелүү түрдө товар өндүрүүчү компания жана даярдоочу өлкө жөнүндө маалымат жок, ал эми полиграфиялык жабдууларды ижарага алуу боюнча конкурстарда, катышуучулар алар сунуштап жаткан жабдуулар алардын менчиги эмес, ижарага алынгандыгы жөнүндө маалымат беришип, ошол эле учурда аталган полиграфиялык жабдууларды ижарага берүүчүлөр менен ижара келишими түрүндөгү документалдык тастыктоолор жок.

“Гознак” ЖЧКсынын 2020 жана 2021-жылдарга сатып алуу пландары башкы директору Ж.В. Галдыбаев тарабынан 27.01.2020-жылга жана 20.01.2021-жылга карата тиешелүүлүгүнө жараша 53850,9 миң сомго жана 51678,5 миң сомго бекитилген, ал эми 2022-жылга сатып алуулар планы “Гознак” ЖЧКсынын башкы директору Ж. Жамангулов тарабынан жалпы суммасы 114732,6 миң сомго бекитилген, ошол эле учурда аудитке алар боюнча кандайдыр бир өзгөртүүлөр жана толуктоолор берилген эмес, ошондой эле сатып алынуучу адистештирилген товардык-материалдык баалуулуктарга, кызмат көрсөтүүлөргө жана полиграфиялык өндүрүштө колдонулуучу жабдуулардын ижарасына баалардын мониторингин ишке ашырууну ырастоочу маалымат жок, бул “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” 03.04.2015-жылдагы №72 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-пунктунун 4-пунктчасынын талаптарына жооп бербейт.

Конкурстук документтерди чогултуунун жана сактоонун тартиби сакталган эмес, анткени Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 14.10.2015-жылдагы №175-б буйругу менен бекитилген, Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн эрежелери жөнүндө жобонун 52-пунктунда конкурстун жеңүүчүсү сатып алуучу уюмга конкурстук табыштамага кирген нотариалдык күбөлөндүрүлгөн документтерди берет, бирок “Гознак” ЖЧКсында тооруктун жеңүүчүлөрүнүн конкурстук документтеринин бир бөлүгү мамлекеттик сатып алуулардын электрондук порталынын көчүрмөсүнөн нотариалдык күбөлөндүрүүсүз түзүлгөн.

Аудитке берилген маалыматтарга ылайык, тендердик процедураларды өткөрбөстөн чет өлкөлүк жеткирүүчүлөрдөн төмөнкү полиграфиялык жабдуулар сатып алынган, алардын көпчүлүгү мурда колдонулган жана жалпы суммасы 267743 евро түзгөн, алардын ичинен:

1. 17.11.2021-жылдагы № 0001086-1 контрактысына ылайык, “ANT Mashinenhandel UG” (Германия) жеткирүүчүсүнөн, 2008-жылы чыгарылган “Кесүүчү машина Polar XT” жабдууларынын баасы 42270 евро;

1. 15.12.2021-жылдагы номери жок контрактысына ылайык, “Grafsale Oy” (Финляндия) жеткирүүчүсүнөн, 2004-жылы чыгарылган “ Кургак офсет басып чыгаруучу машина KBA RA 74GC 4L SAPC CX ALV2 Gravuflow” баасы 39000 евро;

2. 01.11.2021-жылдагы № 011121417 контрактысына ылайык, “MarkusMedia” (Германия) жеткирүүчүсүнөн 2021-жылы чыгарылган “Rotocontrol RD 340” жабдууларынын баасы 67473 евро;

3. 18.01.2022-жылдагы № 180122418 контрактысына ылайык, “MarkusMedia” (Германия) жеткирүүчүсүнөн 2011-жылы чыгарылган “Equipment for the production of printing form, Printing plates” жабдууларынын баасы 45000 евро;

4. 21.03.2022-жылдагы № 210322446 контрактысына ылайык, “MarkusMedia” (Германия) жеткирүүчүсүнөн 2011-жылы чыгарылган “Sramag ороо машинасы” жабдууларынын баасы 14000 евро;

5. 28.01.2022-жылдагы номери жок контрактысына ылайык, “QUADRA “GRAPHIC” (Сербия), жеткирүүчүсүнөн 2000-2001-жылдары чыгарылган “ Atlantic Zeiser Cardline, Oasys Card Punch, Oasys Card Laminator OLA, Oasys Collator, Lamination Plates, PVC Core+Overlay Material ” жабдууларынын баасы 60000 евро.

Адистештирилген жабдууларды сатуу үчүн издөө сайты аркылуу “Machineseeker.com” жана “Google” Гознак "ЖЧКсынын импорт боюнча адиси Е.А. Вилкованын катышуусу менен чет өлкөлүк жеткирүүчүлөрдөн сатып алынган бирдей полиграфиялык жабдууларга болжолдуу бааларды издөө жүргүзүлгөн, мында издөө натыйжалары оң натыйжаларды берген эмес.

Ушул аудиттин алкагында, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорунун тууралыгына атайын-техникалык билимди жана көндүмдөрдү талап кылган маселелер камтылган эмес жана алар зарыл болгондо өзүнчө кароону талап кылат.

**Сунуштама:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболорундагы дал келбестиктер үчүн “Гознак» ЖЧКсынын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин кароо.

**Аныкталды жана Корутунду**:

Е.В. Бодровдун төрагалыгы астында жана комиссиянын мүчөлөрү О.В. Подобедовдун жана Н. Джусупакунованын курамында №211029305007972 өткөн тендердин жыйынтыгы боюнча тендердин жеңүүчүсү болуп 46 066,2 миң сом сунуштаган баа менен “Иштиктүү стратегия” ЖЧКсы табылды, ал эми “Акдил Групп” ЖЧКсынын катышуучусу 45 500,0 миң сом эң төмөнкү баа сунушу менен чыгып, товардын техникалык спецификациясы боюнча толук-так маалымат бербегендиктен, четке кагылган.

15.11.2021-жылга саат 11:04тө конкурстук табыштаманы берүү мөөнөтү менен, аталган конкурсту кулактандыруусу 29.10.2021-жылы жарыяланган, жана катышуучулардын конкурстук табыштамаларын ошол эле күнү саат 15:36да ачкандан кийин, ошол эле күнү саат 17:00гө чейинки мөөнөттү белгилөө менен, конкурстук комиссия катышуучулардан жабдуулардын толук техникалык спецификациясы менен конкурстук табыштаманын түшүндүрмөсүн сурап, суралган маалыматты берүү убактысын максималдуу чектейт.

“Иштиктүү стратегия” ЖЧКсынын жеңүүчүсү менен 29.11.2021-жылы №39 “Ротациялык басма машинасы” (Gallus tcs 250) полиграфиялык жабдууларды жеткирүүгө жалпы суммасы 46 066,2 миң сом, жеткирүү

келишими түзүлгөн, бирок бул милдеттенме аткарылбаган бойдон калууда, ал эми жабдууларды берүү мөөнөтү келишимде белгиленген эмес. Келишимдин 5.1.-пунктунун шарты боюнча " Иштиктүү стратегия" ЖЧКсы жеткирүүчүдөн кем жеткирилген учурда, келишимдин суммасынан 2,0% ашпаган үстөк айып өндүрүлөт, бул 921,3 миң сомду (46066185х2,0%) түзгөн.

Бул тендердин конкурстук документтеринде келишимдин аткарылышын кепилдик камсыз кылуу каралган эмес.

"Markus Media" компаниясы (Германия) менен "Гознак" ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн 01.11.2021-жылдагы № 011121417 келишимге ылайык, тендер өткөрбөстөн, 2009-жылы чыгарылган Gallus TCS 250 сериялык №89 флексографиялык басма үчүн 46 2500 евро суммасындагы машина жеткирилген, анын ичинде жабдууларды жеткирүү үчүн 16500 евро, ал эми Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын расмий курсу боюнча 1 евро - 98,8174 сом болушун эске алуу менен, келишим түзүлгөн учурда жеткирүү баасы 4 5703,0 миң сомду түзгөн. Келишимге Коомдун башкы директорунун атынан "Гознак" ЖЧКсынын башкы директорунун орун басары О.В. Подобедов кол койгон, бирок ошол учурда "Гознак" ЖЧКсынын башкы директорунун кызматын Ч.С. Темиров ээлеп турган.

"Гознак" ЖЧКсынын өндүрүш жетекчиси А.Н. Дубровская тарабынан "Иштиктүү стратегия" ЖЧКсы жеткирүүчүсү менен 39.11.2021-жылындагы №39 жеткирүү келишиминде көрсөтүлгөн, "Ротациялык басма машинасы" (Gallus tcs 250) полиграфиялык жабдуулардын жана "Markus Media" компаниясы (Германия) менен "түзүлгөн 01.11.2021-жылдагы № 011121417 келишиминде көрсөтүлгөн, 2009-жылы чыгарылган Gallus TCS 250 сериялык №89 флексографиялык басма машинасынын техникалык мүнөздөмөсү жана функциясы бирдей экендиги жана алкоголдук акциздик маркаларды өндүрүү үчүн колдонулгандыгы тастыкталды.

"Гознак" ЖЧКсынын башкы директорунун орун басары О.В. Подобедовдун түшүндүрмөсү боюнча, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынын алдында милдеттенмелерди аткаруунун кыскартылган мөөнөтүнүн натыйжасында, мурда колдонулган полиграфиялык жабдууну түздөн-түз "Markus Media" (Германия) жеткирүүчүсүнөн сатып алуу боюнча шашылыш чечим кабыл алынган, анткени мындай жаңы жабдууну сатып алуу, жеткирүү жана монтаждоо жол-жобосу болжолдуу түрдө бир жылдан ашык убакытты талап кылына турганын, ал эми мамлекетти алкоголдук акциздик марка менен өз убагында камсыз кылбоо экономикага олуттуу зыян алып келмек.

**Сунуштама:**

Мурда колдонулган полиграфиялык жабдууларды түздөн-түз "Markus Media" (Германия) жеткирип берүүчүсүнөн сатып алууну жана азыркы учурда эксплуатациялоону эске алуу менен, "Иштиктүү стратегия" ЖЧКсы менен түзүлгөн 29.11.2021-жылдагы №39 "Ротациялык басма машинасы" полиграфиялык жабдууну жеткирүү келишиминин шарттарын аткаруу маселеси чечилсин.

**Бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүнүн абалы**

Коомдо бухгалтердик эсепти жүргүзүү башкы бухгалтер О.А. Космынинага жүктөлгөн. Ошондой эле штатта кассир (айкалыштырып иштеген) бар.

1С: ишкана 7.7. бухгалтердик программасы жүргүзүлөт: Коомдун Эсеп саясаты башкы директор тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.А. Сатаев**